Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
21-октябры

№80 (3736)

www.erkin-too.kg

**БУЛ САНДА:**




ОНКОЛОГИЯ МЕНЕН ЖАБЫРКАГАН БЕЙТАПТАРДЫН КӨБӨЙҮП ЖАТЫШЫ КЕЙИШТҮҮ

8-БЕТТЕ




“ЖЫЛЫНА 300 миң ТОННАДАЙ ЭТ КЕРЕКТЕЛЕТ”

9-БЕТТЕ

# Чек арачыларыбызга автоунаа тапшырылды



2-БЕТТЕ

## АЙМАКТАР

**Ысык-Көл.** Ысык-Көл облусунун Каракол шаарында өлкөнүн жаштар саясатынын эң ири регионалдык иш-чарасы “Кыялымдагы Кыргызстан. Ысык-Көл” жаштар форуму башталды. Иш-чарага Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин орун басары Марат Тагаев, Кыргызстандын Альпинизм федерациясынын жетекчиси Эдуард Кубатов, “Кыргызстан жаштар кыймылы” коомдук бирикмесинин өкүлдөрү жана өлкөнүн аймактарынан келген жаштар катышууда. Форум “Кыргызстан жаштар кыймылы” коомдук бирикмеси жана Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин колдоосу менен уюштурулган. Форумдун максаты — региондун активдүү жаштарын бириктирүү, жергиликтүү демилгелерди колдоо жана жаштар менен бийлик, бизнес жана эл аралык уюмдардын түз диалогун камсыз кылуу.

**Жалал-Абад.** Базар-Коргон районундагы Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн Бел-Терек айылына барчу 3,5 чакырым жолго асфальт төшөө иштери жүрүүдө. Жумуштар “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасынын №50 Жол тейлөө ишканасы тарабынан аткарылып жатат. Азыркы тапта 2 чакырымдан ашык аралык жасалды.

Унаа каттамын жакшыртууга жана жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатууга багытталган жумуштар мамлекеттик капиталдык салымдар беренесинин эсебинен каржылануудa.

**Талас.** Талас райондук прокуратурасы тарабынан Талас районунун аймагындагы жалпы билим берүү мекемелеринин окуучуларына «Жаш өспүрүмдөр үчүн тарбиянын мааниси – прокурордун көз карашынан” жана “Мекенге пайдалуу инсан болуу – бүгүнкү аракеттен башталат» деген темадагы баяндамалар окулуп, жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлдү. Иш-чарага Талас районунун прокурорунун орун басары У.Болот уулу, Талас




районунун башчысы – акимдин орун басары В.Т.Мамбеталиева, прокурордун улук жардамчысы С.Накыев, прокурордун жардамчысы Э.Акматов жана райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнүн адиси А.Сыдыкова катышты.

**Баткен.** Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын чоң жыйындар залында мамлекеттик саясатты калыптандыруу, радикализм, экстремизм жана терроризмдин алдын алуу, ошондой эле дин таануу, толеранттуулук жана адеп-ахлак маселелерине арналган маалыматтык-профилактикалык жолугушуу болуп өттү. Жыйында коомчулук арасында радикалдык жана экстремисттик көз караштардын жайылышына жол бербөө, жарандардын укуктук жана диний сабаттуулугун жогорулатуу боюнча келген адистер тарабынан маалымат берилди. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин Баткен облусундагы өкүлү Чагылган Юсупов, Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акимдин орун басары Максатай Каримбердиева жана башка билим берүү мекемелеринин башчылары, дин өкүлдөрү катышышты.

**Нарын.** Ат-Башы районунда калкка көмүр таркатуу иштери улануудa. Райондогу ар бир айыл өкмөтү боюнча учурдагы баалар дээрлик бирдей. Атап айтсак, Ат-Башы айыл өкмөтүндө көмүрдүн баасы 6 400 сом болсо, Баш-Кайынды айыл өкмөтүндө дагы 6 400 сомдон сатылууда. Ак-Моюн айыл өкмөтүндө учурда көмүрдүн баасы 6 000 сомго чейин түшкөн. Ал эми Кара-Суу жана Казыбек айыл өкмөттөрүндө 6 000 сомдон сатылууда. Райондо көмүрдүн орточо баасы 5 500–6 400 сомго чейин. Көмүр таркатуу иштери бардык айыл өкмөттөрүндө жүргүзүлүп жатат. Туруктун көмүрүн 6 миң сомдон ашырбоо боюнча сүйлөшүүлөр, аракеттер болууда. Жогоруда көрсөтүлгөн көмүрдүн бааларын ашырып сатуу фактылары аныкталса, фото же видеого тартып, Ат-Башы райондук мамлекеттик администрациясына билдирүү зарыл.

**"Эркин–Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА



# Конвенция ратификацияланды

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров “Эл аралык эмгек уюмунун 1997-жылдын 3-июнунда Женева шаарында кабыл алынган Иш менен камсыз кылуу жеке агенттиктери жөнүндө №181 конвенциясын ратификациялоо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Мыйзам 2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган. Жогоруда аталган Конвенция ишке орноштуруу жаатындагы эл аралык укуктун негиз салуучу документтеринин бири болуп саналат.

Конвенцияны ратификациялоо иш менен камсыз кылуу жеке агенттиги үчүн талаптагыдай ченемдик укуктук базаны түзүүгө өбөлгө болот, бул мындай агенттиктер көрсөткөн кызматтардын сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Конвенция иш менен камсыз кылуу жеке агенттигинин ишинин стандарттарын, анын ичинде жумушчулардын укуктарын сактоо, басмырлоодон коргоо, жумуш ордунда ден соолук жана коопсуздукту сактоо талаптарын белгилейт.

## АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДА ӨСҮШ ОРУН АЛДЫ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев “Алтын күз” айыл чарба азыктарынын жарманкесине, “АгроТехЭкспо–2025” агроөнөр жай көргөзмөсүнө катышты. Белгилей кетсек, бул жарманкелер үч күн бою Т.Усубалиев атындагы аянтта өткөрүлдү.

Андан соң Адылбек Касымалиев Кыргызстандын агроөнөр жай комплексинин кызматкерлеринин күнүнө карата өткөрүлгөн салтанаттуу иш-чарада тармактын кызматкерлерин Президент Садыр Жапаровдун жана жалпы Министрлер Кабинетинин атынан кесиптик майрамы менен куттуктап, өлкөдөгү экономикалык өсүштөргө жана анын ичинде айыл чарба тармагындагы көрсөткүчтөргө токтолду. Анын айтымында үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы менен өлкөнүн ИДПсы 10%дык өсүшкө ээ болгон. Мындан тышкары кайра иштетүү, тамак-аш продуктыларын өндүрүү ИДПда эң көп болуп, ал 40,1%ды, ал эми курулуштар 34,8%ды түзгөн. Айыл чарбасынын кошумча дүң наркы 115,6 млрд сомго жетип, бул жылы түшүм да мол болгон.




## ӨКМӨТ МҮЧӨЛӨРҮН ШАЙЛООГО АРАЛАШПООГО ЧАКЫРДЫ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Өкмөт мүчөлөрүн шайлоого аралашпоого чакырып, кайрылуу жасады. Бул кайрылууну Президенттик Администрациянын маалыматтык саясат кызматынын башчысы Дайырбек Орунбеков Фейсбуктагы баракчасына жарыялады.

“Шайлоого аралашпагыла! Эгер кимдир бирөө шайлоодо жакындарына жардам бергиси келсе – анда кызмат ордун тапшырып берип, андан кийин гана шайлоодо иштесин”, – деп айтылат кайрылууда.

Белгилей кетсек, Парламенттик кезексиз шайлоо 30-ноябрга дайындалган.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

## ЧЕК АРАЧЫЛАРЫБЫЗГА КАМКОРДУК

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Төрагасы генерал-полковник Камчыбек Ташиев УКМКнын Чек ара кызматынын Чүй облусу боюнча башкармалыгынын «Кемин» чек ара заставасына барып, өздүк курамына жаңы кызматтык JAC 8 унаасын тапшырды.

Автоунаанын ачкычын заставанын башчысына тапшырып жатып УКМК Төрагасы ар бир чек ара тилкеси анын жеке көзөмөлүндө турарын билдирди. “Биз чек арачыларыбыздын татыктуу кызмат өтөөсү жана алардын күжүрмөн даярдыгын жогорулатуу үчүн бардык шарттарды четинен түзүп жатабыз», – деп баса белгиледи.

Эске салсак, үстүбүздөгү жылдын 1-августунда «Кемин» чек ара заставасынын реконструкциядан кийин ачылыш аземи болуп өткөн. Ал түндүк аймактагы биринчи модернизацияланган объект болуп эсептелет.

Андан соң УКМК Төрагасы генерал-полковник К.Ташиев Чүй облусунун Кемин районунун Кайыңды айылынын 42 жаштагы тургуну Мирбек Кадыралиевге 3 бөлмөлүү жер тамдын ачкычын тапшырды. М.Кадыралиев 2024-жылы оор жүк ташуучу болуп иштеп жүрүп, унаанын дөңгөлөгүн оңдоо учурунда жарылуу болуп, бир колунан ажыраган. Жыйынтыгында иштөөгө мүмкүнчүлүгү болбой, каражат жагынан кыйынчылыктар жаралган. Мындан улам, 3 баланын атасы Мирбек Кадыралиев Фейсбук социалдык тармагы аркылуу КР Президенти Садыр Жапаровго жана УКМК Төрагасы Камчыбек Ташиевге 2025-жылдын 25-августунда жардам сурап кайрылган. Жыйынтыгында тез аранын ичинде турак жай маселеси чечилген.

Генерал-полковник К.Ташиев үй тапшыруу аземинен кийин Кайыңды айылынын тургундары менен жолугуп, жергиликтүүлөрдүн көйгөйлөрүн укту.



# “Эркин-тоолуктар” жаңы кызматтык унаалуу болду





Президент Садыр Жапаров ар тармакты колдоп, жаңы дем, бийик максаттар менен кызматкерлердин иштөөсүнө ыңгайлуу шарт түзүүдө. Мындан улам бир катар мекеме, ишканалардын техникалык абалы жакшырууда. Кезек мамлекеттик расмий “Эркин-Тоо” гезитине жетип, жуманын башталышы эркин-тоолуктар үчүн жемиштүү болду. Тактап айтканда, Кыргызстандын “Тулпар Моторс” улуттук автокуроочу заводунан чыккан 2025-жылкы жаңы “Chevrolet COBALT” кызматтык унаалуу болуштук. Унаанын ачкычын “Эркин-Тоо” гезитинин Башкы редактору Жазгүл Карбосовага КРнын Президентинин Администрациясынын маалыматтык саясат кызматынын жетекчиси Дайырбек Орунбеков тапшырды. “Гезиттерге фонддон кызматтык унаа алып берүү боюнча өткөндө Президентке сунуш киргизгенбиз. Сунушубуз колдоо таап, минтип сиздерге жаңы унааны тапшырууга келип отурабыз. Өлкө Башчы Садыр Жапаров медиа өкүлдөрүн, журналисттерди колдоо боюнча бир катар алгылыктуу иштерди жүргүзүүдө. Өзүңүздөр билгендей, өткөн жылы журналисттерге “Мейкин” сыйлыгын тапшырдык. Ал да журналисттердин жана медиа кызматкерлердин ишмердүүлүгүн, аракеттерин баалоо, аларды шыктандыруу максатында уюштурулган. “Кабар” маалымат агенттигинин имаратын да толук капиталдык ремонттон өткөрүп бердик. Эми кезек УТРКга жетип, учурда Улуттук телеканалдын имаратын толук капиталдык ремонттон өткөрүп жатабыз. “ЭлТРге”, “УТРКга”, “КАБАРга”, “Кыргыз Туусу” гезитине кызматтык унааларды бердик. Азыр эми кызматтык унаалары бар деп эсептелген менен эскилиги жеткен “Слово Кыргызстана” жана “Эркин-Тоо” гезиттерине кызматтык унаа берилип жатат. Быйыл сиздердин имаратты оңдоо боюнча да сунуш киргизгенбиз. Сметасы да эсептелген, кийинки жылга калды. Буюрса кийинки жылы бюджеттен каражат бөлүнүп, толук капиталдык ремонттон өткөрүлөт. Ошондо толук шартыңыздар чечилген болот. Мен өзүм дагы гезитте иштеп, гезиттен чыккандыктан, бул тармактын түйшүгүн жакшы билем. Президентибиздин ушундай көңүл буруусу сиздерди шыктандырсын. Жакшы иштеңиздер! Унааңыздар ак жолтой болсун!” – деди Дайырбек Орунбеков. Массалык маалымат каражаттарынын ишин баалап, түйшүгүн сезип, көңүл сыртында калтырбай, колдоо көрсөтүп жаткан Өлкө Жетекчилигине биз, “Эркин-Тоо” гезитинин жалпы жамааты ыраазычылыгыбызды билдиребиз!

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

**2025-ЖЫЛДЫН 10-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КАТАР МАМЛЕКЕТИНИН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ БИШКЕК МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЗ ЖАРДАМ КЛИНИКАЛЫК ООРУКАНАСЫНЫН КОШУМЧА КОРПУСУН КУРУУ ЖӨНҮНДӨ ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 10-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Катар Мамлекетинин Өкмөтүнүн ортосундагы Бишкек медициналык тез жардам клиникалык ооруканасынын кошумча корпусун куруу жөнүндө гранттык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Гранттык макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө катар тарапка кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-октябры, №217***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О РАТИФИКАЦИИ ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ ГОСУДАРСТВА КАТАР О СТРОИТЕЛЬСТВЕ ДОПОЛНИТЕЛЬНОГО КОРПУСА БИШКЕКСКОЙ КЛИНИЧЕСКОЙ БОЛЬНИЦЫ СКОРОЙ МЕДИЦИНСКОЙ ПОМОЩИ, ПОДПИСАННОГО 10 АПРЕЛЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Грантовое соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Государства Катар о строительстве дополнительного корпуса Бишкекской клинической больницы скорой медицинской помощи, подписанное 10 апреля 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить катарскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Грантового соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 15 октября 2025 года, №217***

**2025-ЖЫЛДЫН 4-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН КУВЕЙТ АРАБ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ОРТОСУНДАГЫ «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ, ЫСЫК-КӨЛ ЖАНА НАРЫН ОБЛУСТАРЫНЫН АЙЫЛДАРЫНДАГЫ КАЛКТУУ КОНУШТАРДА СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАНА САРКЫНДЫ СУУЛАРДЫ ЧЫГАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ» ДОЛБООРУНУН ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕМЕСИН ДАЯРДООНУ ЖАНА АЛДЫН АЛА ИШТЕП ЧЫГУУНУ КАРЖЫЛОО ЖӨНҮНДӨ ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 17-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 4-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Кувейт араб экономикалык өнүктүрүү фондунун ортосундагы «Кыргыз Республикасынын Чүй, Ысык-Көл жана Нарын облустарынын айылдарындагы калктуу конуштарда суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү» долбоорунун техникалык-экономикалык негиздемесин даярдоону жана алдын ала иштеп чыгууну каржылоо жөнүндө гранттык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда аталган Гранттык макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Кувейт араб экономикалык өнүктүрүү фондуна белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-октябры, №218***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О РАТИФИКАЦИИ ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И КУВЕЙТСКИМ ФОНДОМ АРАБСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ О ФИНАНСИРОВАНИИ ПОДГОТОВКИ ТЕХНИКО-ЭКОНОМИЧЕСКОГО ОБОСНОВАНИЯ И ПРЕДВАРИТЕЛЬНОЙ РАЗРАБОТКИ ПРОЕКТА «РАЗВИТИЕ ВОДОСНАБЖЕНИЯ И ВОДООТВЕДЕНИЯ В СЕЛЬСКИХ НАСЕЛЕННЫХ ПУНКТАХ ЧУЙСКОЙ, ИССЫК-КУЛЬСКОЙ И НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ», ПОДПИСАННОГО 4 АПРЕЛЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Грантовое соглашение между Кыргызской Республикой и Кувейтским фондом арабского экономического развития о финансировании подготовки технико-экономического обоснования и предварительной разработки проекта «Развитие водоснабжения и водоотведения в сельских населенных пунктах Чуйской, Иссык-Кульской и Нарынской областей Кыргызской Республики», подписанное 4 апреля 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Кувейтский фонд арабского экономического развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Грантового соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 15 октября 2025 года, №218***

**"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., №7, 971 -ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

41 -беренеде:

а) 12-бөлүктүн биринчи сүйлөмү мамлекеттик тилде төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Банк же башка мекемелер талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматты жума сайын, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча 24 сааттын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясына берип турууга милдеттүү.";

б) мамлекеттик тилдеги 14-бөлүктүн экинчи абзацында "күнүнө чейин" деген сөздөр "күнүнөн кийин" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

1. Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы:

- өздөрүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул конституциялык Мыйзамга ылайык келтирсин;
- ушул конституциялык Мыйзамдан келип чыгуучу зарыл ченемдик укуктук актыларды кабыл алсын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №220***

КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2011 г., №7, ст. 971) следующие изменения:

в статье 41:

а) предложение первое части 12 на государственном языке изложить в следующей редакции: «Банк же башка мекемелер талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматты жума сайын, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча 24 сааттын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясына берип турууга милдеттүү.»;

б) в абзаце втором части 14 на государственном языке слова «күнүнө чейин» заменить словами «күнүнөн кийин».

**Статья 2**

1. Настоящий конституционный Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики, Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики:

- привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим конституционным Законом;
- принять необходимые нормативные правовые акты, вытекающие из настоящего конституционного Закона.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 16 октября 2025 года, №220***

## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ЯНВАРЫНДА АЛМАТЫ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНЕ МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕРДЕ УЮШТУРУЛГАН ТООРУКТАРДА БААЛУУ КАГАЗДАРДЫ ЖАЙГАШТЫРУУГА ЖАНА ЖҮГҮРТҮҮГӨ ЧЕК АРА АРАЛЫК УРУКСАТ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 31-январында Алматы шаарында кол коюлган Евразия экономикалык биргилине мүчө мамлекеттерде уюштурулган тоорукарда баалуу кагаздарды жайгаштырууга жана жүгүртүүгө чек ара аралык уруксат берүү жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Евразия экономикалык комиссиясына белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №219***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О ТРАНСГРАНИЧНОМ ДОПУСКЕ К РАЗМЕЩЕНИЮ И ОБРАЩЕНИЮ ЦЕННЫХ БУМАГ НА ОРГАНИЗОВАННЫХ ТОРГАХ В ГОСУДАРСТВАХ - ЧЛЕНАХ ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА, ПОДПИСАННОГО 31 ЯНВАРЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ АЛМАТЫ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение о трансграничном допуске к размещению и обращению ценных бумаг на организованных торгах в государствах - членах Евразийского экономического союза, подписанное 31 января 2025 года в городе Алматы.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Евразийскую экономическую комиссию о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 16 октября 2025 года, №219***

## «БАНКТАР ЖАНА БАНК ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
«Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2022-жылдын 17-августу, №72-74) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
1) 1-берене төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толуктталсын;
«3. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын ишине колдонулбайт.»;
2) 19-берененин 7-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толуктталсын:
«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган банктык операцияларды жана банк иштерин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилүүчү лицензияны албастан жүзөгө ашырууга укуктуу.».

**2-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №221***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О БАНКАХ И БАНКОВСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Внести в Закон Кыргызской Республики «О банках и банковской деятельности» (газета «Эркин-Тоо» от 17 августа 2022 года №72-74) следующие изменения:
1) статью 1 дополнить частью 3 следующего содержания:
«3. Настоящий Закон не применяется к деятельности Государственного банка развития Кыргызской Республики.»;
2) часть 7 статьи 19 дополнить абзацем вторым следующего содержания:
«Государственный банк развития Кыргызской Республики вправе осуществлять банковские операции и банковскую деятельность, предусмотренные Законом Кыргызской Республики «О Государственном банке развития Кыргызской Республики» без получения лицензии, выдаваемой Национальным банком Кыргызской Республики.».

**Статья 2**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 16 октября 2025 года, №221***

## САЛЫКТЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж., №7-8, 490-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:
140-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
"Нотариус тарабынан алынуучу мамлекеттик алым нотариалдык аракеттер жасалган жана юридикалык мааниси бар документтер берилген күнү төлөнөт.".

**2-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №222***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О НЕНАЛОГОВЫХ ДОХОДАХ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Внести в Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2018 г., №7-8, ст. 490) следующее изменение:
абзац второй части 3 статьи 140 изложить в следующей редакции:
«Взимаемая нотариусом государственная пошлина уплачивается в день совершения нотариального действия и выдачи документов, имеющих юридическое значение.».

**Статья 2**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 16 октября 2025 года, №222***

## ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК УЮМУНУН 1997-ЖЫЛДЫН 3-ИЮНУНДА ЖЕНЕВА ШААРЫНДА КАБЫЛ АЛЫНГАН ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖЕКЕ АГЕНТТИКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ №181 КОНВЕНЦИЯСЫН РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
Эл аралык эмгек уюмунун 1997-жылдын 3-июнунда Женева шаарында кабыл алынган Иш менен камсыз кылуу жеке агенттиктери жөнүндө №181 конвенциясы ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ратификациялоо жөнүндө грамотаны депозитарий болуп саналган Эл аралык эмгек бюросунун башкы директоруна депонирлесин.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №223***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КОНВЕНЦИИ №181 МЕЖДУНАРОДНОЙ ОРГАНИЗАЦИИ ТРУДА О ЧАСТНЫХ АГЕНТСТВАХ ЗАНЯТОСТИ, ПРИНЯТОЙ 3 ИЮНЯ 1997 ГОДА В ГОРОДЕ ЖЕНЕВЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Конвенцию №181 Международной организации труда о частных агентствах занятости, принятую 3 июня 1997 года в городе Женеве.

**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики депонировать грамоту о ратификации депозитарию, которым является Генеральный директор Международного бюро труда.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 17 октября 2025 года, №223***

## САЛЫКТЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

### МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 17-сентябрында*
*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексиие (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж., №7-8, 490-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

141-берененин 1-бөлүгүнүн 18-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“18) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын коммерциялык эмес жана коомдук уюмдары, алардын мекемелери, окуу-өндүрүштүк ишканалары жана бирикмелери, I, II жана III топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын ата-энелери жана камкорчулары - сотко коюлуучу бардык доолор боюнча;”.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №224***

## ЗАКОН

КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О НЕНАЛОГОВЫХ ДОХОДАХ

*Принят Жогорку кенешем Кыргызской Республики*
*17 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2018 г., №7-8, ст. 490) следующее изменение:

пункт 18 части 1 статьи 141 изложить в следующей редакции:

«18) некоммерческие и общественные организации лиц с ограниченными возможностями здоровья, их учреждения, учебно-производственные предприятия и объединения, лица с ограниченными возможностями здоровья I, II и III групп, а также родители и опекуны детей с ограниченными возможностями здоровья - по всем искам, предъявляемым в суд;».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской**
**Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 20 октября 2025 года, №224***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН СОКУЛУК РАЙОНУНУН КҮНТУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Күнтуу айыл аймагында индустриалдык-логистикалык борбор жана өнөр жай объектилерин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 6-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 7-августундагы №01-12/1361 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 25-июлундагы №01-14-40 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Күнтуу айыл аймагындагы №164 контурда жайгашкан, “Сан Планет Интернэшнл” жоопкерчилиги чектелген коомунун менчигинде турган, жалпы аянты 3,75 га сугат айдоо жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөөнү;

2) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык, бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

5) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тийиштүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

6) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык, чарбалык жана башка иштерди жүзөгө ашыруудагы экологиялык талаптардын аткарылуусун;

7) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, көрсөтүлгөн жер тилкесинде казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл үчүн адис-археологду тартууну;

8) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, аларды алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

9) “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону;

10) жерди пайдалануучунун 3 жылдын ичинде өзүнүн, зайымдык каражаттардын жана инвестициялардын эсебинен бирдей аянттагы жерлердин башка түрлөрүн Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна киргизүү менен сугат айдоо жерине өздөштүрүүсүн;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №681***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН, ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН МАНАС ШААРЫНЫН, ОШ ОБЛУСУНУН АЛАЙ РАЙОНУНУН ЖАНА НАРЫН ОБЛУСУНУН ЖУМГАЛ РАЙОНУНУН АЙРЫМ ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫНЫН ДАРЕКТЕРИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 28-июнундагы №41 токтому менен бекитилген “Шайлоо округдарынын жана шайлоо участкаларынын схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби” жөнүндө жобонун 5-главасына таянып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарындагы И.В.Гёте атындагы №23 окуу-тарбия комплекси мектеп-гимназиясынын имаратында жайгашкан №1317 шайлоо участкасы Жибек-Жолу проспекти, 281ден Жибек-Жолу проспекти, 220га Бишкек шаарындагы №45 почта бөлүмүнүн имаратына өзгөртүлсүн.

**2.** Бишкек шаарындагы №89 жалпы орто мектептин имаратында жайгашкан №1349 шайлоо участкасынын дареги Сатыбалдиев көчөсү, 1/1ден Ауэзов көчөсү, 1/2ге Бишкек шаарындагы “Азат” ААКнын имаратына өзгөртүлсүн.

**3.** Бишкек шаарындагы №89 орто мектептин имаратында жайгашкан №1350 шайлоо участкасынын дареги Сатыбалдиев көчөсү, 1/1ден “Учкун конушундагы Шабдан-Баатыр-Аксы көчөсүнө Бишкек шаарындагы №54 мектепке чейинки билим берүү уюмунун имаратына өзгөртүлсүн.

**4.** Манас шаарындагы №4 орто мектептин имаратында жайгашкан №2097 шайлоо участкасынын дареги Эркиндик көчөсү, 51ден Бабкин көчөсү, 52ге Манас шаарындагы Балдар көркөм өнөр мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**5.** Алай району, Талды-Суу айылы, 3-21 көчөсү дарегинде Памир-Алай айыл өкмөтүнүн Маданият үйүнүн имаратында жайгашкан №5119 шайлоо участкасынын дареги Талды-Суу айылындагы С.Умарходжаев атындагы №41 орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**6.** Жумгал району, Түгөл-Сай айыл өкмөтү, Т.Жээналиев көчөсү, 32 дарегинде Маданият үйүнүн имаратында жайгашкан №4108 шайлоо участкасынын дареги Т.Жээналиев көчөсү, 23кө Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн имаратына өзгөртүлсүн.

**7.** Бишкек, Манас шаардык аймактык шайлоо комиссиялары тийиштүү жергиликтүү аймактык башкармалыктар менен, Алай, Жумгал аймактык шайлоо комиссиялары Памир-Алай, Түгөл-Сай айыл өкмөттөрү менен биргеликте шайлоочулар арасында шайлоо участкаларынын даректери өзгөртүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

**9.** Бул токтом “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**10.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**11.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-октябры, №106***

## АЙМАКТАР



**Чүй.** Эгемендүүлүк алгандан кийинки мезгилде бийликте тургандар мамлекетти талап-тоноп, элдин мүлкүн ит бекер менчиктештирип алганын билебиз. 30 жыл бою ошол байлыктарды кайтаруу талаптары айтылып келген. Бактыбызга жараша 2020-жылдан кийинки бийлик алмашуусунан соң көпчүлүк эңсеген иштер жасалып, күн сайын уурдалган мамлекеттин мүлктөрү кайтарылууда. Кечээ Чүй облусунун Панфилов районунун Кайыңды шаарындагы мыйзамсыз менчиктештирилген бала бакча жана маданият үйү мамлекеттин менчигине кайтарылды. Текшерүү иш-чараларынын жүрүшүндө бала бакчанын жана маданият үйүнүн ээси жалпы аянты 2 миң гектардан ашык социалдык объектилерди мыйзамсыз менчиктештирүү фактысын мойнуна алып, аталган объектилер менен бирге баасы 641 млн 449 миң сомду түзгөн 1,25 гектар жер тилкелерин Панфилов районунун Кайыңды шаарынын балансына өз ыктыяры менен өткөрүп берди.



**Ош.** Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесине арналган райондук мекеме-ишканалардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин ортосунда футбол боюнча спорттук мелдеш болуп өттү. Иш-чарага Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы–акимдин биринчи орун басары Арзибек Жусупов катышып, райондун 90 жылдык маарекесине арналган иш-чараларды жогорку деңгээлде өткөрүү зарылдыгын белгилеп, катышуучуларга ийгилик каалады. Спорт – бул ден соолуктун, ынтымактын жана достуктун булагы. Мелдеш аркылуу катышуучулар ден соолугун чыңдап, биримдикти даңазалап, достукту бекемдешти.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 22-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №270 "КЕЗЕКТЕГИ IV ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

"Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пунктта "22-декабрына" деген сөздөр "25-декабрына" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №291***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БААЛООЧУЛАР ЖАНА БААЛООЧУ УЮМДАР ТАРАБЫНАН КОЛДОНУУГА МИЛДЕТТҮҮ БОЛГОН МҮЛКТҮ БААЛОО СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында баалоо ишин андан ары өнүктүрүү максатында, "Баалоо иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) баалоонун негизги түшүнүктөрүнүн жана принциптеринин стандарты 1-тиркемеге ылайык;

2) бизнести баалоо стандарты 2-тиркемеге ылайык;

3) кыймылсыз мүлктү баалоо стандарты 3-тиркемеге ылайык;

4) баалоо жөнүндө отчеттун мазмунуна жана аны тариздөөгө талаптардын стандарты 4-тиркемеге ылайык;

5) материалдык эмес активдерди жана интеллектуалдык менчик объекттерин баалоо стандарты 5-тиркемеге ылайык;

6) кыймылдуу мүлктү баалоо стандарты 6-тиркемеге ылайык;

7) жаратылыш ресурстарын жана жер казынасын баалоо стандарты 7-тиркемеге ылайык.

**2.** Бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн мүлктү баалоо стандарттары Кыргыз Республикасында баалоочулар жана баалоочу уюмдар тарабынан колдонууга милдеттүү деп белгиленсин.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги №217 "Кыргыз Республикасында баалоо иш-аракеттеринин баардык субъектилери милдеттүү түрдө колдонуучу мүлктү баалоонун стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 28-октябрындагы №619 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги №217 "Кыргыз Республикасында баалоо иш-аракеттеринин баардык субъектилери милдеттүү түрдө колдонуучу мүлктү баалоонун стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы №593 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги №217 "Кыргыз Республикасында баалоо иш-аракеттеринин баардык субъектилери милдеттүү түрдө колдонуучу мүлктү баалоонун стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №673***

## ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КОРРУПЦИЯНЫН АЛДЫН АЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алууга жана бөгөт коюуга багытталган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №210 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги жөнүндө жободо:

– 13-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чараларды көрбөгөндүгү үчүн жоопкерчилик тартат.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 16-июнундагы №341 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргыз спорт-ден соолукту чыңдоо медицинасы борбору" мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргыз спорт-ден соолукту чыңдоо медицинасы борбору" мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 34-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чараларды көрбөгөндүгү үчүн жоопкерчилик тартат.".

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №674***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-МАРТЫНДАГЫ №185 "МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО, МААЛЫМАТ ЖАНА СПОРТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарын тартипке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы $2^2$-пункт менен толукталсын:

"$2^2$. Ушул токтомдун 10-тиркемесинин 3-главасы 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет деп белгиленсин.";

2) 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги дем берүүчү эмгек акы фондун түзсүн:

– ведомстволук мекемелерде – өндүрүмдүүлүгү, жогорку квалификациясы, функционалдык милдеттерин сапаттуу аткаргандыгы жана олуттуу иш тажрыйбасы үчүн эмгек акы төлөө фондунун чегинде жалпы эмгек акы фондунун 30 пайызына чейинки өлчөмүндө;

– балансында же ыкчам башкаруусунда спорттук курулмалар турган мекемелердин административдик-башкаруучулук персоналына – ар бир база үчүн 10 пайызга чейинки үстөк акы.";

3) жогоруда аталган токтомдун 10-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул токтомду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон финансы каражаттарын карасын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №675***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №240 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК ЖАНА НӨӨМӨТТҮК АВТОТРАНСПОРТУН ПАЙДАЛАНУУНУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишин толук камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемесинде:

тиркеменин эскертүүсүндө:

– бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– ведомстволук бөлүмдө (пробация органы) – 1 бирдик, ошондой эле ар бир аймактык бөлүмгө (бөлүмдөр, башкармалыктар – райондук, шаардык жана облустук органдар) 1 бирдиктен нөөмөттүк автотранспорт;";

– төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"– аймактык бөлүмдөрдө (Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгы, Ош юстиция башкармалыгы) – 2 бирдикке чейин нөөмөттүк автотранспорт.".

**2.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде ишке ашырылууга тийиш.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №676***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК-МЕДИЦИНАЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Акыл-эсинин жана дене боюнун өнүгүүсүндө бузулуулары бар балдар, ошондой эле оор оорулары бар балдар үчүн жалпы билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, аларды окутуу үчүн шарттарды түзүү жана зарыл болгон психологиялык-педагогикалык, медициналык жана социалдык колдоону көрсөтүү максатында, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36, 37-беренелерин, «Майыптыгы бар адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу үчүн, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасындагы психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация жөнүндө типтүү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №680***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 29-ИЮЛУНДАГЫ №411 "40 РАЙОНДОН 40 ДЕМИЛГЕ" ДОЛБООРУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАКТАРЫНДА ИШТЕЛИП ЧЫККАН ИННОВАЦИЯЛЫК ДЕМИЛГЕЛЕРДИ, СТАРТАПТАРДЫ ТАНДОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-майындагы №145 "Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №411 "40 райондон 40 демилге" долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын аймактарында иштелип чыккан инновациялык демилгелерди, стартаптарды тандоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 4-пунктта:

биринчи абзацта "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент)" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги" деген сөздөргө алмаштырылсын; экинчи абзацта "Кыргызпатенттин" деген сөз "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген "40 райондон 40 демилге" долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын аймактарында иштелип чыккан инновациялык демилгелерди, стартаптарды тандоо тартиби жөнүндө жободо:

– 1-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"уюштуруучу – Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (мындан ары – Министрлик);";

алтынчы абзацта "Кыргызпатенттин алдындагы" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 16, 17, 18, 24, 27-пункттарда "Кыргызпатенттин" деген сөз "Министрликтин" деген сөзгө алмаштырылсын;

– 20-пункттун экинчи абзацында "Кыргызпатенттин" деген сөз "Министрликтин" деген сөзгө алмаштырылсын;

– 22-пункттун экинчи абзацында "Кыргызпатенттин" деген сөз "Министрликтин" деген сөзгө алмаштырылсын;

– жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 1-тиркемесинде:

жогорку оң бурчунда "Интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (Кыргызпатент)" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 2-тиркемесинде:

жогорку оң бурчунда "Интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (Кыргызпатент)" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемесинде:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министринин орун басары, Комиссиянын төрагасынын орун басары;";

бешинчи, алтынчы абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын агартуу министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин орун басары";

сегизинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана маалыматтык технологиялар министринин орун басары;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №677*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН БЮДЖЕТТИК КАРЖЫЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Финансылык тартипти бекемдөө жана республикалык бюджеттин каражаттарын натыйжалуу чыгашалоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-ноябрындагы №706 "Жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен бюджеттик ссудаларды берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен бюджеттик ссудаларды берүү тартиби жөнүндө жободо:

– 3–7-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Бюджеттик ссуданы берүү жөнүндө маселени кароо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу боюнча бюджеттик ссуданын суралган суммасын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн дарегине жөнөтүлгөн жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде жүргүзүлөт.

Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу боюнча бюджеттик ссуданын суралган суммасын көрсөтүү менен бюджеттик ссуданы бөлүү жөнүндө маселени демилгелейт.

4. Бюджеттик ссуданы берүү жөнүндө маселелерди карoo үчүн зарыл болгон документтер:

1) тиешелүү мезгилде жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин аткарылышы жөнүндө ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча маалыматтар;

2) тиешелүү мезгилде чыгашалардын бардык беренелери боюнча

кредитордук карыз жөнүндө ушул Жобонун 2 жана 3-тиркемелерине ылайык форма боюнча маалыматтар;

3) тиешелүү мезгилде мурда алынган келишимдик милдеттенмелер, ошондой эле аларды төлөө мөөнөттөрү жөнүндө ушул Жобонун 4-тиркемесине ылайык форма боюнча маалыматтар.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын бюджеттик ссуда берүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуусу Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан 14 жумуш күндүн ичинде каралат.

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бюджеттик ссуданы бөлүү жөнүндө чечиминин долбоорун демилгелейт жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизет.

7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан ушул Жобонун 3-пунктуна ылайык документтердин тизмеги берилбеген учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү бюджеттик ссудаларды берүү жөнүндө бул кайрылууну карабай коюуга укуктуу.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жободо:

– 12-пункттун 1-пунктчасынын он үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №679*

## ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ЖААТЫНДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Электрондук ведомстволор аралык маалыматтарды алмашууга өтүү аркылуу мамлекеттик органдар тарабынан жарандардан документтердин көчүрмөлөрүн милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүү талабын жокко чыгаруу (жөнөкөйлөтүү) боюнча милдетти ишке ашыруу, "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44–47-статьяларын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдарга коюлуучу минималдуу талаптар жана интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан алардын ишин контролдоо жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №747 "Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоонун жана каттоонун тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы №4 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №747 "Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоонун жана каттоонун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-сентябрындагы №489 "Интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдарга коюлуучу минималдуу талаптар жана алардын ишин контролдоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 12-августундагы №122 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-сентябрындагы №489 "Интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдарга коюлуучу минималдуу талаптар жана алардын ишин контролдоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-октябрындагы №555 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 4-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №599 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн интеллектуалдык менчик жаатындагы айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 5-пункту.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №678*

## ТАШ-КӨМҮР АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссиясынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы токтом кылат:

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Эргешбаев Шаңшыбек Темирбекович жана Разакова Дамиракан Калназаровна берген арыздарына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Ысакова Кыздаркан Ысмайыловна жана Паязова Зейнура Аязбековна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Т. ШАЙНАЗАРОВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №108*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЛТЫН КОЛДУУ ДАРЫГЕР



## КММАнын Медицина борборунун хирургия бөлүмүнүн башчысы Бакыт Токтогазиев:

# «ОНКОЛОГИЯДАГЫ «МИКРОТОЛКУН АБЛЯЦИЯ» ЫКМАСЫ БЕЙТАП ҮЧҮН ГАНА ЭМЕС, МЕДИЦИНАДА ДА ЧОҢ ЖЕТИШКЕНДИК»

***Акыркы жылдары Кыргызстанда эндоскопиялык жана лапароскопиялык ыкмалар менен жасалган операциялардын саны арбып, бейтаптарга ыңгайлуу шарт түзүлүүдө. Ар бир ийгиликтүү операциянын артында тактык жана адам өмүрүнө болгон зор жоопкерчилик турат. Дал ушул сапаттарды өзүнүн эмгеги менен далилдеп келе жаткан жалпы эндовидео хирург, колопроктолог, онколог, медицина илимдеринин кандидаты Бакыт Токтогазиев ар бир бейтапка өзгөчө көңүл буруп, заманбап ыкмалар менен айыктырууну максат кылып келет. Бакыт Токтогазиевге бир эле биздин өлкөнүн жарандары эмес, Орто Азия жана алыскы чет өлкөлөрдүн жарандары да келип жаткандыгын көрүп, биз дарыгер менен хирургиядагы жаңы багыттар жана биздин медицинадагы акыркы жетишкендиктер тууралуу сүйлөштүк.***

**– Бакыт Токтогазиевич, жаңы эле операциядан чыктыңыз. Бейтапка кандай операция жасалды?**

– Азыркы учурда Кыргызстан эле эмес, жалпы Орто Азия мамлекеттеринин ар бир үчүнчү жараны кызыл өңгөчтүн грыжасы же рефлюкс оорусу менен жабыркайт. Бизде өзгөчө той-топур көп болуп, кечкисин тамакты чемелден ашыкча жеп алуу адаты кеңири жайылган. Ашыкча тамактануудан жабыркагандар «буга операциянын кереги барбы?» деп сурашат. Бирок операция маалында бул оорулар айрым учурда кызыл өңгөчтүн залалдуу шишигине алып келерин көрүп жатабыз. Бул ирет жасалган операция эндоскопиялык жана лапароскопиялык ыкма менен аткарылды. Операция маалында кызыл өңгөчтүн тешиги жабылып, ашказандын өзүнөн клапан жасалды. Натыйжада тамак оозго кайра келбей, тамактанып жатканда кызыл өңгөч күйбөй, бейтаптын абалы кыйла жеңилдейт. Андыктан операция бир топ жеңил өтүп, бейтап 1-2 күндүн ичинде эле өзүн жакшы сезип калат.

**– Сиздер жасап жаткан операцияларга суроо-талап жогору экен. Бул багытта техникалык базаңыздар талапка жооп береби?**

– Азыркы учурда өлкөбүздүн жети облусундагы ооруканалардын көбүндө эндоскопиялык жана лапароскопиялык жабдуулар бар. Албетте, алардын баары эле жогорку деңгээлдеги жабдуулар эмес, ошентсе да бейтаптарга натыйжалуу колдонулууда. Ал эми борбор шаардагы Улуттук онкология борбору, №3 шаардык балдар ооруканасы, Улуттук хирургия борбору жана Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын медициналык борбору талапка жооп бере турган заманбап жабдыктар менен жабдылган.

Мындан тышкары, жакында бул борборлорго 3D лапароскопиялык аппараттары алынып келинип, жаңы жабдуулардын келиши операциялардын сапатын кыйла жогорулатып жатат. Жакында эле менин Европа өлкөлөрүнүн биринде 3D аппараты аркылуу кызыл өңгөчкө операция жасоо ыкмасы боюнча макалам жарыяланды. Албетте, эл аралык деңгээлдеги мындай илимий материалдын жарыяланышы чакан мамлекет болсок да, заманбап технологиялар менен иштей алаарыбызды көрсөтүү максатында жасалган кадам болду.

Ал эми бүгүнкү күндө эндоскопия жана лапароскопия ыкмаларын кеңири жайылтуу үчүн кайсы гана оорукананын администрациясына кайрылбайлы, баары колдоо көрсөтүп, жардам берип жатышат. Хирургиядагы бул багыт бейтаптар үчүн гана эмес, мамлекетибиздин өнүгүшү үчүн да чоң салым болот. Ошондуктан бизди колдогон бардык кесиптештерге ыраазычылык билдирем. Азыр көп бейтаптар чет өлкөгө кетпей, жаңы ыкма, жабдыктардын келиши менен биздин дарыгерлерге ишенип, өзүбүздөн эле дарылануунy тандай баштashты. Бул да болсо саламаттык сактоо тармагындагы чоң жетишкендигибиз деп эсептейм.

**– Онкологиялык хирургияда да бейтаптарга операция жасап келесиз. Бул тармакка жаңы ыкмалар кирип жатабы?**

– Онкология менен жабыркаган бейтаптардын жылдан жылга көбөйүп жатышы өтө кейиштүү. Мурун практикада жүргөндө жаш кыз-келин, жаш балдарды мындай дарт менен сейрек көрчү элек. Жаш куракташ адамдарда бул оору өтө агрессивдүү өтөт, ошондуктан аны менен күрөшүү да кыйыныраак. Ошентсе да биз онкологиялык оорулар тууралуу элге маалымат берүүгө аракет кылып, жаңы дарылоо ыкмаларын киргизип, бул боюнча практикада колдонуп жатабыз. Мурун залалдуу шишик боорго тарап кеткен учурда аны сөсүз түрдө кесип салууга туура келчү. Азыр «микротолкундуу абляция» деп аталган ыкмада УЗИ аппаратынын жардамы менен боордогу шишиктин ичине кирип барып, аны микротолкун аркылуу күйгүзөбүз. Процедура жеңил өткөндүктөн бейтап эртең менен келип, дарылоону алып, ошол эле күнү үйүнө кете алат.

3D аппаратынын келиши менен онкологиялык бейтаптарга жаңы дары-дармектер киргизилип, бул аппараттын жардамы менен операция маалында бездерде метастаз бар же жок экенин анык тоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Дүйнө жүзүндө онкологиялык ооруларда бездерди тазалоонун белгилүү стандарттары бар. Мурун чоң операция учурунда көп бездерди алып салууга туура келчү. Азыр жаңы ыкманын жардамы менен өзгөрүүгө дуушар болгон бездерди так аныктап, аларды терип, алып салабыз. Натыйжада операциянын узактыгы кыскарып, бейтап тезирээк сакайып чыгат. Ошондой эле мында оорунун жайылышынын алдын алууга да чоң өбөлгө түзүлүүдө.

Бул ыкмалар онкологиялык бейтаптар үчүн гана эмес, жалпы медициналык илим үчүн да чоң жетишкендик болуп саналат. Мурда биз дүйнөлүк онкологиялык ассоциацияларга мүчө боло албай келгенбиз. Эми Монголия жана Корея мамлекеттеринин адистери менен кызматташуу аркылуу жаңы технологияларды киргизип, иш жүзүндө колдонуп жатабыз. Микротолкундуу абляцияны колдонуу менен бездерди текшерүү ыкмалары бардык онкологиялык ооруларда колдонулат.



**– Аялдардын миома оорусу боюнча да жакшы натыйжаларга жетишип, жыныс органын сактап калып жатасыздар. Бул жаатта кандай ыкмаларды колдонуудасыздар?**

– Ооба, акыркы убакта аялдардын миома оорусу менен кайрылгандар көп. Жакында эле Казакстандан бир бейтап келди. Ал жактагы дарыгерлер «миоманы жатын менен кошо алып салабыз» дешиптир. Миоманын салмагы 8 килограммга чейин жеткен экен. Ал бейтап «толуп жатам го» деп ойлоп жүрө берген. Бизге келгенден кийин анын жатынын сактап калуу менен миомасын алдык.

Эгер миома залалдуу эмес шишик болсо, жатынды сактап калууга толук мүмкүнчүлүк бар. Бирок мындай учурда кан кетүү көбүрөөк болгондуктан, көпчүлүк дарыгерлер тобокелчиликке баргысы келбейт. Биз азыр операция маалында кан тамырларды убактылуу кысып, ошол аралыкта миоманы алып, андан кийин жатынды тигебиз. Операция бүткөн соң кан тамырларга коюлган клипсыларды алып салабыз. Натыйжада кан кетүү дээрлик болбой, бейтап тезирээк сакаят. Бул ыкма мурда эле колдонулуп келген, ошентсе да биз аны өз тажрыйбабызда өркүндөтүп жатабыз. Жатынды сактап калуу аялдардын төрөт мүмкүнчүлүгүндө абдан маанилүү болгондуктан, миома оорусу менен кайрылган бейтаптардын 99%ынын жатынын сактап калуудабыз.

**– Каракол шаарында кичинекей кызда эки жатын бар экени аныкталып, операция жасалганы тууралуу маалымат чыккан эле. Ошол тууралуу айтып берсеңиз...**

– Ооба, ал бейтапты УЗИге түшүргөндө башында «киста» деп ойлошкон. Мындай абал болжол менен 5 пайыздай учурда сейрек кездешет. Көрсө, кызда эки жатын бар экен. Биринчи жатындан эле экинчи жатын чыгып турган. Эки жатын менен балалуу болуу мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан, бирөөсүн алып салдык. Бейтаптын бир жатынын сактап, бүгүнкү күндө анын абалы жакшы.

Мындан үч ай мурда Ош облусунан дагы 14 жаштагы бейтап кайрылган. Ал кыз төрөлгөндөн бери жатын кыны жок экен. Этек кири келгенде кан сыртка чыкпай, ичине топтоло берген. Кыз өзү деле билбей жүрө берип, кийин анын ичи катуу ооруп баштаганда гана ата-энеси дарыгерге алып келишкен.

Биз бул бейтапка лапароскопия жолу менен операция жасап, ичегиден жатын кынын жасап, аны жатын менен коштук. Азыр операциядан үч ай өттү. Кыздын этек кири кадимки нормага келип, өзүн жакшы сезип жатат. Албетте, мындай бейтапка туруктуу байкоо жүргүзүү керек, ошондуктан биз анын абалын мындан ары да көзөмөлдөп турабыз.

**– Сиздер эндоскопиялык аппарат менен операция жасаганда ички органдардын баары көрүнөт экен. Бир эле учурда бир нече операцияны чогуу жүргүзгөн учурлар болобу?**

– Мен ар бир бейтап операцияга кирип жатканда «кандай гана изилдөө жүргүзүлбөсүн, кээде оорунун 5-10% белгилери көрүнбөй калат» деп түшүндүрөм. Мисалы, операция учурунда күтүлбөгөндөй башка оорулар чыгышы мүмкүн. Эгер бейтаптын абалы жана организмдин мүмкүнчүлүгү ылайык келсе, бир эле учурда 2ден 5ке чейинки операцияны чогуу жасай алабыз.

Бейтаптар көбүнчө «операция лазер менен жасалат экен», «орган толук көрүнбөй калат экен» деген сыяктуу суроолорду беришет. Чынында лапароскопиялык аппарат жөнөкөй эле, бирок өтө так инструменттерден турат. Алар узун болгондуктан, биз бейтаптын денесине кичинекей гана тешик аркылуу кирип операция жүргүзөбүз. Аппараттагы видеокамера кадимки көзгө караганда 10 эсе так көрсөткөндүктөн, операция маалында башка ооруларды да аныктап калуу мүмкүнчүлүгү жогору. Мында кандай гана операция жасабайлы, майда кан тамырлардын өзүнө чейин так көрүнөт. Ал эми кадимки ачык операцияда алысыраак туруп иштегендиктен майда кан тамырлар көзгө урунбай калат. Ошондуктан лапароскопия ыкмасынын мүмкүнчүлүктөрү бейтап үчүн кеңири жана коопсуз.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**



УЧУР МАСЕЛЕСИ

# ЭТТИН БААСЫ БОЮНЧА ТҮШҮНДҮРМӨ НЕГИЗДҮҮБҮ?





***Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасы Жээналы Орозбаев өлкөдө жума сайын эттин кымбатташынын бир нече себептерин атады. Ал "Кабар" агенттигинин түз эфиринде суроолорго жооп берип жатып, Кыргызстан орто эсеп менен ар жылы 300 миң тонна эт талап кыларын, бул көлөмдү айтканга жеңил болгону менен камсыз кылуу оңой эместигин белгиледи. "Бул чоң көрсөткүч, мындай көлөмдөгү малды багып, жеткирүү да оңой эмес. Бул маселелер эттин баасына түздөн-түз таасир этүүдө. Ооба, баа өсүүдө – бул чындык. Бирок, биз кырдаалды жөнгө салуу үчүн бардык зарыл чараларды көрүп жатабыз", - деди.***

## БААНЫ КӨЗӨМӨЛДӨӨ КЫЙЫН ЭКЕНИН ОРОЗБАЕВ ДА ЖАШЫРБАЙТ

Төрага Жээналы Орозбаев өлкөдө эттин баасына көзөмөл кылып, күн сайын кымбатчылыгын оздуктап туруу кыйынчылык жаратып жатканын мойнуна алууда. Өткөн айларда өлкөдө эттин баасы кымбаттап кеткендиктен 11-августтан тарта анын баасына 90 күнгө мамлекеттик көзөмөл киргизилип, 620-690 сомго чейин деп белгиленген. Бирок, социалдык тармактарда базарларда, соода түйүндөрүндө азыр деле эт жогоруда белгиленген баадан да кымбат сатылып жатканына күбө болгон жайым бар. Эми элестетип көрүңүз, күйүүчү май өлкө аймагында ар эки күндө кымбаттап жаткан шартта эттин баасын кармап туруу мүмкүнбү? Бул жагына ашыкча логиканын деле кереги жок болсо керек. Дагы бир жагдай, ушул күндөрү, өзгөчө соңку 3 айдан бери Кыргызстан боюнча, айрыкча Бишкек шаарында Кудайдын куттуу күнү жүздөгөн кафе-ресторандарда күндүзү Куран окутуу, аш берүү, кечкисин шаңсалтанат тойлор жүз берүүдө. Жакшылык менен жамандыгына бирдей эт колдонгон биздин элибиздин мындай салтынын урматына күнүнө жүздөгөн бодолор курмандыкка чалынып жатканын элестетип жатасыздарбы? Мындай көрүнүш күркүрөгөн күздө өзгөчө күчүнө кирип, малга деген суроо-талап эң жогорку чекке жеткенине бул тармакты жакшы билген адистер өздөрү баш болуп таңданышууда.

## СЕМИЗ МАЛ БАЗАРЛАРДА ДА ТАҢКЫСТЫККА АЙЛАНУУДАБЫ?

Өлкөбүздөгү эң ири мал базарлар катары белгилүү болгон Кочкор жана Токмокто ушул тапта той-ашка жарачу семиз малдар колдо турбай өтүп, айрым учурларда калбай калган көрүнүштөр болуп жатканын алып-сатарлар да жашырышпайт. Мындан тышкары бодо малды тирүүлөй сатканга караганда союп, кардарларга 5-10 кгдан бөлүктөргө бөлүп сатуу – кымбатка тураарын мал ээлери да жакшы өздөштүрүп алышкан. "Ишкерчиликтин" мындай түрү менен соңку убакта баш калаада айлыктын көзүн карап жашаган мамлекеттик кызматкерлер да шугулданышып, сооданын берекесин күнүмдүк турмуштук керектөөсүнө жаратып жатышкан катмардагылар көбөйүп, бул жагынан кадимкидей атаандаштык пайда болуп жатканын жашырууга болбойт.

## ЭЛДИН ЭТКЕ БОЛГОН ТАЛАБЫ ӨСҮҮДӨ

Соңку убакта жумушсуздук кыскарып, экономикалык абал жакшырганы, буга удаа он миңдеген жаштардын чет өлкөлөрдө жакшы маяна менен иштеши этке болгон суроо-талаптын күчөтүлүшүнө шарт түзүүдө. Мыйзам ченемдүү суроо туулушу мүмкүн. Мындай суроого ондогон жылдардан бери Кочкордо мал алып, союп сатуу менен алектенген Тагай Маратбек уулунун пикири жооп боло алат:

-Кудайга шүгүр, соңку убакта элибиздин жашоо-шарты, материалдык абалы жакшырды. Маселен, мындан 10-15 жыл мурун катардагы карапайым үй-бүлөлөр эттин өп-чап же жоктугуна кайыл болуп, сабыр кылуу менен күн көрүшчү. Азыр бир үй-бүлө куру дегенде айлык-пенсияга 10 кг эт алат. Дагы бир баса белгилөөчү жагдай, жаштардын көбү чет өлкөлөрдө Кыргызстанга салыштырмалуу жакшы маяна алып иштешүүдө. Жакшы маяна алган андай катмардагылар Кыргызстандагы үй-бүлөсүнө каражат салып, витаминдүү тамак-аш, өзгөчө эт үчүн акча салгандарына көп ирет күбө болуп жатам. Бул бир жагы. Экинчиден, аш-той, кыргыздын каада-салтын камтыган майрамдар күнү кур эмес өтүүдө. Элибиз 2 кишини үйүнө конокко чакырса деле, 100 кишиге той өткөрсө деле этсиз өткөрбөйт. Мындай жагдайда эттин баасын арзандатуу мүмкүнбү? Бул жагына ашыкча акылдын деле кереги жок болсо керек.

## ОРУСИЯДАН КЕЛГЕН УЙ ЭТИ "АБИЙИРДИ ЖААП" ЖАТАБЫ?

Соңку жылдары өлкөбүзгө Орусиядан эт, сүт багытындагы "Зеңги Баба" тукумунун бир катар асыл тукум породаларынын түрү келип жатканы жашыруун эмес. Аш-тойдон тышкары күнүмдүк жашоосуна уй этин көбүрөөк колдонгон элибиз үчүн Орусиядан келген малдын эти сатыкка чыгууда. Бишкектин айланасындагы, өзгөчө Сокулуктагы ири мал базардан ири мүйүздүү мал алып, шаардыктарга союп саткан алып-сатарлар акыркы айларда Орусиядан келген уй, жаш кунаажын, торпоктордун этин сатуу менен бул жааттагы тартыштыкты жоюп, бааны кармап турушканын жашырышпайт. Алардын айтымында эгерде Орусиянын уй-торпогу Кыргызстанга келбегенде, карышкырдан кийин эле эт жеген жагынан эч кимди алдына салбаган кыргыздар үчүн эттин баасы азыркыдан да алда канча кымбат болмоктугун айтышууда. Ал эми аймактардан Бишкекке мал союп, эт ташыган "кызыл кулактар" акыркы убакта баш калаа тургундарынын этке болгон суроо-талабы болуп көрбөгөндөй өсүп, бул жагынан мурунку жылдарга салыштырмалуу рекорддук көрсөткүчтөр жаңыланып жатканын айтышууда.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

P.S. *Мына ушундай окурман. Биз бул сапар этке болгон күнүмдүк керектөө, анын баасына байланышкан азганактай гана ойду бердик. Ички миграция күч алып, алыскы айылдарда мектеп окуучулары менен пенсия курагындагылар гана калган азыркыдай шартта мал багуу да кескин кыскарып, натыйжасы этке болгон баанын кымбатташына алып келип жатканын танууга болбойт. Малдын санын көбөйтүп, мамлекет тарабынан бул жаатка артыкчылыктуу багыттарды карабаса, алдыңкы жылдары эттин баасынын арзандашы азырынча түшкө да кирчүдөн эмес. Биз алдыда тема масштабын кеңейтип, бул багыттагы улам жаңы деталь-штрихтер менен олуттуу маселеге кайрылып турмакчыбыз.*

ТРЕНИНГ

# БАЛДАР МАСЕЛЕСИН ЧАГЫЛДЫРУУДА ЭТИКА САКТАЛЫШЫ ЗАРЫЛ

***Кыргыз Республикасынын Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн катчылыгы Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Маалыматтык саясат кызматы менен биргеликте ЮНИСЕФтин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн колдоосу менен 16–17-октябрында журналисттер үчүн «Балдардын укуктарын коргоодогу ЖМКнын ролу: этика, коопсуздук жана кесипкөйлүк» аттуу эки күндүк тренинг өткөрдү.***



Тренинг БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитетинин 2025–2028-жылдарга карата корутунду пикирлерин аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу алкагында өтүүдө. Аны менен катар бул багытта Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-февралындагы №104 буйругу менен да бекитилген. Эске салсак, Кыргызстанда калктын 37%ын балдар түзөт.

Иш-чарада сөз сүйлөгөн Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Асел Чынбаева: "Биз балдардын өнүгүүсү коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүшүбүз зарыл. Балдар менен иш алып барууда комплекстүү кадамдарды жасоо натыйжа алып келет. Аны менен катар коом алдында журналисттердин вазыйпа-милдети эбегейсиз. Балдар дүйнөсүн чагылдырууда, балдардын укуктарын коргоодо журналисттердин аракети чоң",- деди ал.

Журналисттер үчүн уюштурулган бул окууда – балдар маселелерин чагылдырууда материалдардын сапаты жана тактыгы, укуктук, этика, психологиялык куралдардын айкалышы белгиленди. Балдарга байланышкан маселелелерди жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоодо туура интервью алуу, купуялуулукту жана макулдукту сактоо, фактыларды жана булактарды текшерүү, зомбулуктун алдын алуудан тартып инклюзияга жана реабилитацияга чейинки системалык чечимдерди чагылдыруу көндүмдөрү менен коштолду.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Майда, бирок маанилүү

## "НАСЫЯ АЛБАЙМ" ДЕП КАБАР БЕРИҢИЗ

Кыргызстандыктар 1-ноябрдан тарта "Түндүк" тиркемеси аркылуу өзүнө өзү насыя алууга тыюу сала алат. Бул тууралуу Улуттук банктын өкүлү Таалайкан Садабаева билдирди. Мындай чара алдамчылыктын алдын алуу жана элдин каржылык кызыкчылыктарын коргоо максатында киргизилүүдө. Тыюу жөнүндө маалымат кредиттик бюролордо чагылдырылып турат жана эгер жаран мындай чектөө койгон болсо, банктар насыя берүүдөн баш тартууга милдеттүү.

## ВИЗАЛАРДЫН САНЫ ТӨРТ ЭСЕГЕ КЫСКАРДЫ

Кыргызстанга келген чет элдик студенттердин агымы азайганы байкалууда. Бул тууралуу Акыйкатчы институту, «Оазис» фонду жана Фридрих Эберт фонду менен биргеликте өткөргөн тегерек столдо белгилүү болду. Маалыматка таянсак, 2023-2024-окуу жылында Индиядан келген студенттердин саны 13%га, Өзбекстандыктардын саны 53%га азайган. Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча, 2025-жылы S тибиндеги студенттик визалар мурунку жылга салыштырмалуу төрт эсе аз берилүүдө. Индиянын жарандарынан виза алуу үчүн түшкөн арыздардын саны 80%га, Пакистан жарандарынан 75%га кыскарган.

## ТАШТАНДЫ ИШТЕТКЕН ЗАВОД ИШКЕ КИРЕТ

Борбор калаанын санитардык полигонуна курулуп жаткан эко-технологиялык таштандыларды кайра иштетүүчү завод ноябрдын орто ченинде ишке кирип, таштандынын биринчи партиясын кабыл аларын Бишкек мэриясынан билдиришти. Алгач ишкана таштандыларды кабыл алып, сорттоп, кургатып, күйгүзүүгө даярдайт. 28-декабрда ишканада биринчи өрттөө иштери жүрүп, электр энергиясы негизги электр тармактарына келе баштайт. Станция суткасына 460 мегаватт электр энергиясын иштеп чыгат, анын 410 мегаватты шаардын электр тармагына берилет.

## АРАКЕТКЕ – БЕРЕКЕТ

Улуттук онкология жана гематология борборунда ракка чалдыккан 35 163 киши каттоодо турат. Анын 55 пайызы рактын 3-4-стадиясында. Бул тууралуу Улуттук онкология жана гематология борборунун директорунун орун басары, медицина илимдеринин доктору, профессор Амангелди Жумабаев билдирди. Анын айтымында, учурда бул дарт менен күрөшүүнүн жаңы ыкмалары киргизилип жатат.

"Тилекке каршы, онкологиялык оорулар өсүүдө. Мисалы, 2020-жылы ракка кабылгандардын саны жылына 5 миңден бир аз ашса, 2024-жылы бул диагноз 6650 кишиден аныкталган. Учурда жаңы ыкмалар колдонулуп жатат. 2030-жылга карата рактан каза болгондордун санын үч эсе кыскартуу программасын иштеп чыгуу каралууда. Убагында тиешелүү жардам алса, дартты толук жеңип чыкса болот", - деген Жумабаев.

## ИПОТЕКАЛЫК ҮЙДҮН БИРИНЧИ КАБАТЫНА МЕКТЕП АЧЫЛДЫ



Бишкекте Кубанычбек Маликов көчөсүндөгү Мамлекеттик ипотекалык компания (МИК) курган "Мурас" турак жай комплексинин биринчи кабаттарында мектеп окуучулары үчүн убактылуу класстар ачылды. Бишкек мэриясынын маалыматы боюнча, ал №40 мектептин филиалы болду жана 5-9-класстардын окуучулары үчүн шарттар түзүлгөн. Мамлекеттик ипотекалык компания берген имараттар 1000 балага ылайыкташып, окуу эки нөөмөттө өтөт. МИК курган үйлөрдүн биринчи кабатына класстарды ачуу сунушун Президент Садыр Жапаров берген. Бишкектин мэри Айбек Жунушалиев бул пилоттук долбоор борбор калаанын башка райондору үчүн да жакшы мисал экенин билдирди.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 18-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №108 "ИШКЕРДИК ИШ-АРАКЕТТИ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУДА ТОБОКЕЛДИК ДАРАЖАСЫН БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

"Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясын ишке ашыруу максатында, "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 18-февралындагы №108 "Ишкердик иш-аракетти жүзөгө ашырууда тобокелдик даражасын баалоо критерийлерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Ишкердик иш-аракетти жүзөгө ашырууда тобокелдик даражасын баалоо критерийлери:

– төмөнкүдөй мазмундагы 26-глава менен толукталсын:

"26-глава.
Пестициддерди жана агрохимикаттарды коопсуз колдонуу жаатындагы ишкердик иштин тобокелдик даражасын баалоо критерийлери

95. Ушул критерийлерде төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

1) көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттери – пестициддерди жана агрохимикаттарды коопсуз колдонуу жаатындагы ишти жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактар: фумигациялык, аэрозолдук, авиациялык жана жердеги ыкмалар менен өндүрүү, сатуу, сактоо, ташуу, колдонуу, ошондой эле пестициддерди жана агрохимикаттарды зыянсыздандыруу жана утилдештирүү;

2) пестициддерди жана агрохимикаттарды коопсуз колдонуу жаатындагы тобокелдик – пестициддерди жана агрохимикаттарды пайдалануу менен иш-чараларды жүзөгө ашырууда анын кесепеттеринин оордук даражасын эске алуу менен адамдын жана жаныбарлардын ден соолугуна, айлана-чөйрөгө жана өсүмдүктөргө зыян келтирүү ыктымалдыгы.

96. Милдеттүү талаптарды сактабоонун мүмкүн болуучу терс кесепеттеринин келип чыгуу ыктымалдыгын жана оордугун эске алуу менен пестициддерди жана агрохимикаттарды коопсуз колдонуу жаатындагы мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо объекттери жогорку, орточо жана анча чоң эмес тобокелдик категорияларына киргизилүүгө тийиш.

97. Көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттерин тобокелдик даражалары боюнча киргизүү объективдүү критерийлердин негизинде – баштапкы бөлүштүрүүдө жана субъективдүү критерийлерде – андан кийинки бөлүштүрүүдө жүзөгө ашырылат.

98. Баштапкы бөлүштүрүүдө көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттери тобокелдиктин 3 даражасына бөлүнөт:

1) жогорку даражадагы тобокелдик тобуна төмөнкүлөрдү жүргүзүүчү көзөмөлдөө субъекттери кирет:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүү боюнча иш;

– пестициддерди фумигациялык жана аэрозолдук ыкмалар менен колдонуу боюнча иш;

– санитардык-коргоо зонасынын тышкы чек арасы сууну коргоо зоналарына, балык чарбалык маанидеги суу объекттерине, калктуу конуштарга, ичүүчү суу менен жабдуу булактарын санитардык коргоо зоналарына, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарына чектеш аймактарда жайгашкан объекттерде пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу боюнча иш;

2) орточо даражадагы тобокелдик тобуна төмөнкүлөрдү жүргүзүүчү көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттери кирет:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды авиациялык жана жердеги ыкмалар менен колдонуу боюнча иш;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сатуу боюнча иш;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо боюнча иш;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу боюнча иш;

3) анча чоң эмес даражадагы тобокелдик тобуна тыюу салынган жана жараксыз пестициддерди жана агрохимикаттарды жана алардын идиштерин зыянсыздандыруу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттери кирет.

99. Башында объективдүү критерийлер боюнча жогорку жана орточо тобокелдик даражасына киргизилген көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттери тобокелдиктин төмөн турган тобуна которулууга тийиш эмес.

100. Көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттерин андан кийинки бөлүштүрүү орун алган тартип бузууларды эске алып, төмөнкүдөй баллдарды ыйгаруу менен жүзөгө ашырылат:

1) пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүү боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– химиялык өнөр жайда өнөр жай коопсуздугунун талаптарын бузуу (анын ичинде технологиялык регламенттер, ишканадагы авариялык шарттарды жоюу планы, өндүрүштүк контролдоо планы ж.б.) – 10 балл;

– химиялык өнөр жайда өрткө каршы коопсуздук талаптарын бузуу (анын ичинде жарылуучу блоктордун коркунучун азайтуу боюнча чаралар, технологиялык системанын ичинде гана эмес, бүткүл өндүрүштө жарылууларды, детонацияларды болтурбоо боюнча чаралар) – 10 балл;

– система бузулган учурда тышкы чөйрөгө коркунучтуу, уулуу жана радиоактивдүү чыгарууларды алдын алуу эрежелерин жана ченемдерин бузуу – 10 балл;

– химиялык өнөр жайда коопсуздук техникасын сактабагандыгы (анын ичинде желдетүүнүн, жарыктандыруунун, пандустардын, атайын төш белгилеринин, пиктограммалардын, коопсуздук чараларын көрсөтүү менен эскертүүчү белгилердин ж.б. болушу) – 10 балл;

2) пестициддерди фумигациялык жана аэрозолдук ыкмалар менен колдонуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– колдонулган пестицидге ылайык коопсуздук техникасы жана эмгек гигиенасы боюнча талаптарды сактабагандыгы – 10 балл;

– жеке коргонуу каражаттары менен камсыз болгон жана атайын ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген уруксаты бар атайын отряддардын коопсуздук чараларын сактабагандыгы – 10 балл;

– адамдар туруктуу жашаган турак жана өндүрүштүк жайлардан, темир жол жана автомобиль магистралдарынан талап кылынган аралыкта жайгашкан объекттерге газация жүргүзүү боюнча талаптарды жана чараларды сактабагандыгы – 10 балл;

– абанын тиешелүү температурасында (имараттын сыртында жана ичинде) жана абанын кыймылынын ылдамдыгында объекттерди фумигациялоодо талаптарды жана чараларды сактабагандыгы – 10 балл;

– объекттерди дегазациялоо боюнча талаптарды жана чараларды сактабагандыгы – 10 балл;

3) санитардык-коргоо зонасынын тышкы чек арасы сууну коргоо зоналарына, балык чарбалык маанидеги суу объекттерине, калктуу конуштарга, ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын санитардык коргоо зоналарына, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарына чектеш аймактарда жайгашкан объекттерде пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу боюнча иш:

– пестициддер жана агрохимикаттар менен иштөө чөйрөсүндө иштеген чарбакер субъекттердин шаардык жана айылдык калктуу конуштардын аймактарын күтүүгө, суу объекттерине, ичүүчү сууга жана ичүүчү суу менен камсыздоого, атмосфералык абага, кыртышка, турак жайларга, өндүрүштүк, коомдук жайларды эксплуатациялоого, санитардык-эпидемияга каршы (профилактикалык) иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарды сактабагандыгы – 10 балл;

– пестициддер жана агрохимикаттар колдонулган күнгө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен пландалган иштер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу иштетилүүгө тийиш аймактар менен чек арада жашаган калкка кабарлоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрбөгөндүгү – 10 балл;

– пестицидди колдонуу боюнча регламентте көрсөтүлгөн мөөнөттөн мурда аарылардын учуп кетүүсүн болтурбоо зарылдыгы жөнүндө бал челектердин ээлерин маалымдоо боюнча чараларды көрбөгөндүгү – 5 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу регламентинде аныкталган жана адамдын ден соолугу жана анын жашоо чөйрөсү үчүн алардын коопсуздугун камсыз кылуучу мөөнөт аяктагандан кийин алынууга тийиш болгон коопсуздуктун эскертүүчү белгилерин орнотуу чараларын көрбөгөндүгү – 5 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды жерде иштетүүдө калктуу конуштардан, ичүүчү суу менен камсыздоо булактарынан, калк эс алуучу жайлардан шамалдын чыгышын эсепке алып, тиешелүү аралыкты (300 метрден кем эмес) сактабагандыгы – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды авиациялык иштетүүдө калктуу конуштардан, калкты ичүүчү суу менен камсыздоо булактарынан, мамлекеттик коруктардын, жаратылыш (улуттук) парктарынын, заказниктердин аймактарынан, мал короолорунан, канаттуулар фермаларынан, балык чарба көлмөлөрүнөн (2 км кем эмес); бал челектер туруктуу жайгашкан жерлерден (5 км кем эмес); айыл чарба иштерин аткаруучу жерлерден (2 км кем эмес) аралыкты сактабагындыгы – 10 балл;

4) пестициддерди жана агрохимикаттарды авиациялык жана жердеги ыкмалар менен (фумигациялык жана аэрозолдук ыкмаларды кошпогондо) колдонуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– химиялык иштетүүнүн коопсуздугун жана сапатын камсыздоочу пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу үчүн менчик же ижара укугунда атайын техниканын жана жабдуулардын жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуунун катталган регламенттерине (сарптоо ченемине, иштетүүнүн ыкмасына жана эселүүлүгүнө, чектөөлөргө) ылайык эмес колдонуу – 10 балл;

– жер үстүндөгү аппаратураны колдонууда шамалдын ылдамдыгы 3 м/с ашпаган жана авиацияны колдонууда 2 м/с ашпаган учурда таң эрте жана кечинде пестициддерди өсүмдүктөргө чачуу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу боюнча иштерди жүргүзүүдө жеке коргонуу каражаттарынын жоктугу – 10 балл;

5) пестициддерди жана агрохимикаттарды сатуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– айыл, токой жана коммуналдык чарбаларда колдонуу үчүн пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүүчү ишкананын (же анын расмий өкүлүнүн) кампасынан же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген талаптарга жооп берген пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо жана берүү үчүн атайын арналбаган кампадан сатууну ишке ашыруу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо боюнча кампага менчик укугун мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн же кампага ижара келишиминин жоктугу – 10 балл;

– пестицидди (пестициддерди) жана агрохимикатты (агрохимикаттарды) мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүшчүнүн идишинде коопсуз пайдалануу чаралары жөнүндө, анын ичинде пестициддерди жана агрохимикаттарды зыянсыздандыруу жөнүндө маалыматтар жана алардын идиштери жөнүндө тиешелүү маалымат болбогондо керектөөчүлөргө пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүүчүнүн идишинде берүү – 10 балл;

– мөөнөтү өтүп кеткен пестициддерди жана агрохимикаттарды берүү – 10 балл;

– сатылуучу пестициддердин жана агрохимикаттардын идишинин бүтүн эместиги, пестициддердин жана агрохимикаттардын идишинин бүтүндүгү бузулган учурда аларды кайра таңгактоо боюнча чараларды көрбөгөндүгү – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сатуу менен байланышкан иштерде жеке коргонуу каражаттарынын жоктугу – 10 балл;

– тиешелүү (агрономиялык) билими бар квалификациялуу адистин жоктугу – 10 балл;

– бакчалардагы жана огороддордогу зыяндуу организмдерге каршы күрөшүү үчүн, ошондой эле үй кемирүүчүлөрүнө каршы күрөшүү үчүн арналган пестициддерди жана агрохимикаттарды адистештирилген азык-түлүк эмес чекене соода дүкөндөрү аркылуу эмес, жеке көмөкчү чарбалардын шартында сатууга – 10 балл;

– сатууга келип түшкөн пестициддерди жана агрохимикаттарды эсепке алуу боюнча көктөлгөн жана номерленген китептин жоктугу – 5 балл;

6) пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо үчүн атайын кампа жайларынын же аларды ижарага берүү келишиминин жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо үчүн кампа жайына санитардык-эпидемиологиялык корутундунун жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды идиштин этикеткасында каралган талаптарды, конкреттүү пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу боюнча сунуштарды колдонбостон сактоо – 10 балл;

– өзүнүн физикалык-химиялык касиеттери (учуусу, кычкылдануусу), өрт жана жарылуу коркунучу, реакциялык активдүүлүгү, сактоонун температуралык режимдери боюнча шайкеш келбеген пестициддерди жана агрохимикаттарды бирге сактоо – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды тамак-аш азыктары, тоют, ичүүчү суу менен бирге сактоого жол берүү – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды кампада жапырт сактоого жол берүү – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды имараттын дубалдарына чейинки ортосундагы аралыгы бир жарым метрден кем болбоого тийиш болгон поддондорду жана стеллаждарды колдонбостон сактоо – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды мүшөктөрдө, пластик канистрлерде, металл барабандарда, сыйымдуулугу беш литрден ашпаган челектерде, картон жана полимер кутуларда, флягаларда сактоодо штабелдин бийиктигине үч ярустан жогору уруксат берүү – 10 балл;

– сакталган пестициддердин жана агрохимикаттардын идиштеринин этикеткаларында көрсөтүлгөн дезактивациялоочу каражаттардын керектүү санынын жоктугу – 10 балл;

– сакталуучу пестициддердин жана агрохимикаттардын санынын кампа жайынын сыйымдуулугуна шайкеш эместиги – 10 балл;

– текчелерде пестициддер менен агрохимикаттарды жарактуулук мөөнөтү жана сактоого кирүү мөөнөтү боюнча классификациялоонун жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо менен байланышкан иштерде жеке коргонуу каражаттарынын жоктугу – 10 балл;

– кампада тартуучу жана соруучу желдетүүнүн жоктугу – 10 балл;

– кампаларда жүктөө-түшүрүү иштерин механизациялоонун (штабелдердин, монорельстердин, кран-балкалардын, электрокарлардын, автомобиль жүктөгүчтөрүнүн, арабалардын жана автокарлардын) жоктугу – 5 балл;

– сактоого келип түшкөн пестициддерди жана агрохимикаттарды эсепке алуу боюнча көктөлгөн жана номерленген китебинин жоктугу – 5 балл;

7) пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу үчүн пайдаланылуучу транспорт каражатынын же пестициддерди жана агрохимикаттарды менчик же ижара укугунда колдонуу үчүн атайын техниканын жана жабдуулардын жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташууну өндүрүүчүнүн жылчыксыз эмес идишинде жүргүзгөндүгү – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды атайын жабдылбаган жана тиешелүү маркалоосу жок транспорт каражаттарында транспорттун ар кандай түрлөрүндө колдонулган кооптуу жүктөрдү ташуу эрежелеринин талаптарына ылайык келбегенде, анын ичинде ташууда кооптуулук жөнүндө маалымат системасынын авариялык карточкасы ("Абайлагыла – пестициддер") болбогондо – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды, дарыланган үрөндөрдү жана тамак-аш азыктарын, тоютту, ичүүчү сууну бирге ташуу үчүн транспорт каражаттарын пайдалануу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу үчүн, тамак-аш азыктарын, тоютту, ичүүчү сууну андан ары ташуу үчүн мурда пайдаланылган транспорт каражаттарын пайдалануу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу үчүн мурда пайдаланылган транспорт каражатын андан ары азык-түлүк эмес жүктөрдү ташуу үчүн алдын ала тазалабагандыгы жана зыянсыздандырбагандыгы – 10 балл;

– өзүнүн физикалык-химиялык касиеттери (учуусу, кычкылдануусу), өрт жана жарылуу коркунучу боюнча шайкеш

(Уландысы 11-бетте)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 18-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №108 "ИШКЕРДИК ИШ-АРАКЕТТИ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУДА ТОБОКЕЛДИК ДАРАЖАСЫН БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

(Башталышы 10-бетте)

келбеген пестициддерди жана агрохимикаттарды биргелешип ташуу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташууда транспорт каражатында бөтөн адамдардын болушу – 10 балл;

– бышык, пестициддерди өткөрбөөчү материалдардан жасалган тыгыз таңгакталган, дарыланган үрөндөрдү ташууда "дарыланган" деген так маркалоосу бар атайын идиштин жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу үчүн арналган транспорт каражатында нейтралдаштыруу каражаттарынын, өрт өчүргүчтөрдүн, кумдун запасынын, ошондой эле айдоочунун жана коштоп жүрүүчү персоналдын жеке коргоонуу каражаттарынын жоктугу – 10 балл;

– ташылуучу пестициддердин жана агрохимикаттардын идиштеринин этикеткаларында жана коштоочу документтеринде көрсөтүлгөн талаптарга ылайык ташуу аяктагандан жана пестициддер менен агрохимикаттардан бошотулгандан кийин транспорт каражатын алдын ала тазалоону жана зыянсыздандырууну ишке ашырбагандыгы – 5 балл;

– ташылуучу пестициддерди жана агрохимикаттарды эсепке алуу боюнча көктөлгөн жана номерленген китептин жоктугу – 5 балл;

8) пестициддерди жана агрохимикаттарды жана алардын идиштерин зыянсыздандыруу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– тыюу салынган жана жараксыз пестициддер менен агрохимикаттарды көмүү үчүн атайын сактоочу жайлардын (уу көмүүчү жайдын) жана алардын идиштеринин жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды берүүчүлөр (өндүрүүчүлөр, импорттоочулар, сатуучулар) иштеп чыккан жана берген жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды зыянсыздандыруу методдорунун жана технологияларынын жоктугу – 10 балл;

– ар кандай коркунучтагы тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды атайын сактоочу бункерлерде (уу көмүүчү жайларда) бөлбөй көмүү – 10 балл;

– I коркунучтуулук классындагы тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды темир-бетон бункерлерде эмес, капталдарынын калыңдыгы 10 мм кем эмес, толтурулганга чейин жана андан кийин жылчыксыздыгын эки жолу контролдоо менен толтурулган контейнерлердин массасы 2 тоннадан ашкан жылчыксыз эмес атайын металл контейнерлерде көмүү – 10 балл;

– контейнерде тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддин жана агрохимикаттын аталышын өчпөс боёк менен көрсөтүп, контейнерге тыюу салынган же жараксыз пестициддин бирден ашык түрүн же бирден ашык химиялык топтун өкүлүн жайгаштыруу – 10 балл;

– чыпкалоо коэффициенти секундасына 10–8 сантиметрден ашкан (мындан ары – см/сек) кыртышта сууда эрибей турган I коркунучтуулук классындагы жана сууда эрий турган II жана III коркунучтуулук классындагы тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддерди 1 метрден аз катмардын түбү жана жантайыңкы жерлери боюнча көмүү – 10 балл;

– сууда эрибей турган тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддердин II жана III коркунучтуулук классындагы суу өткөрүүчү кыртышы бар котловандарда көмүү, аларда чыпкалоо коэффициенти 10–7 см/сек ашкан жана катмарынын жантаймасы 1 метрден аз катмардагы бырышкан чоподон жасалган экран каралган – 10 балл;

– калыңдыгы 0,5 метрден кем эмес тыгыздалган катмар менен түбү жана капталдары жылууланган, 10–5 см/сек ашкан өткөргүч кыртышы бар котлованларда тыюу салынган жана жарактуу эмес, IV коркунучтуулук классындагы пестициддерди көмүү – 10 балл;

– экинчи коркунучтуулук классындагы пестициддерди полимердик материалдардан жасалган көп катмарлуу идишке атайын кошумчасы жок таңгактоо (пестициддин өзгөчөлүгүнө жараша) – 10 балл;

– ченемдик документтердин талаптарына жооп бербеген идишке салынган таңгагынын бүтүндүгү бузулган пестициддерди кайра таңгактоо – 10 балл;

– пестициддердин кагаз же жыгач идиштерин өрттөө жолу менен жок кылуу үчүн айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук жана калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталган жерлерде күйүп жаткан кошулмалардын уулуу эмес (кооптуу эмес) заттарга чейин ажырашын камсыз кылуучу жогорку температурадагы орнотмолордун жоктугу – 10 балл;

– пестициддердин жана агрохимикаттардын идиштерин өрттөөдө газ түрүндөгү булгоочу заттардын жана күлдүн чыгуусуна үзгүлтүксүз контролдун жана мониторингдин жоктугу – 10 балл;

– утилдештирүүнүн же жок кылуунун алдында конкреттүү пестициддерди зыянсыздандыруу (утилдештирүү, жок кылуу) боюнча сунуштарда баяндалган талаптарга ылайык келбегенде металл идишти жана полимердик материалдардан жасалган пестициддердин атайын идишин зыянсыздандыруу – 10 балл;

– атайын сактоочу жайлардын (уу көмүүчү жайлардын) айланасында химиялык коркунучтун эскертүүчү белгилери бар тосмолордун жоктугу – 10 балл;

– инвентаризациялоо субъекттеринин тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддери жана алардын идиштерин көмүүнү жүргүзбөгөндүгү – 10 балл;

– тыюу салынган, жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды жана алардын идиштерин зыянсыздандырылганга чейин убактылуу сактоо үчүн кампанын жоктугу – 10 балл;

– тыюу салынган, жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды жана алардын идиштерин так маркалоосу бар бүтүн идиште сактоо шарттарын сактабагандыгы – 10 балл;

– тыюу салынган, жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды жана алардын идиштерин жүктөө, түшүрүү үчүн механизациялоо каражаттарынын жоктугу – 10 балл;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды зыянсыздандырууга катышкан кызматкерлердин жеке коргонуу каражаттарынын жоктугу – 10 балл;

– зыянсыздандырылууга (утилдештирүүгө, жок кылууга) тийиш болгон пестициддерди борборлоштуруп сактоо үчүн тиешелүү шарттары бар кампаларга бөтөн адамдардын киргүүсүнө жол берүү – 5 балл;

– андан ары пайдаланууга жарактуу эмес пестициддерди зыянсыздандыруу (утилдештирүү, жок кылуу) актысынын жоктугу, анда уюмдун аталышы, зыянсыздандырылган пестициддин аталышы, анын саны, зыянсыздандыруу орду жана ыкмасы, ишти аткарууга жоопту адамдын аты-жөнү көрсөтүлөт – 5 балл;

– субъектте тыюу салынган, көмүүгө алып келинген жарактуу эмес пестициддерди жана агрохимикаттарды жана алардын идишин эсепке алуу боюнча көктөлгөн жана номерленген китептин жоктугу – 5 балл.

101. Тобокелдиктин бир деңгээлиндеги көзөмөлдөө жана контролдоо субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнү пландоонун артыкчылыгын аныктоо үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

1) пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүү боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды өндүрүү боюнча ушул иштин түрүн мурда лицензиясыз жүргүзгөн субъекттер;

– I жана II коркунучтуулук классындагы пестициддерди чыгаруучу субъекттер;

– чоң өндүрүштүк кубаттуулугу бар субъекттер;

– өзгөчө коркунучтуу жана карантиндик зыяндуу организмдерге каршы колдонуу үчүн пестициддерди жана агрохимикаттарды чыгаруучу субъекттер;

– мурунку текшерүү процессинде укук бузуулар аныкталган субъекттер;

2) пестициддерди жана агрохимикаттарды колдонуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды фумигациялык жана аэрозолдук методдор менен колдонуу боюнча ушул иштин түрүн мурда лицензиясыз жүргүзгөн субъекттер;

– I жана II коркунучтуулук классындагы пестициддерди колдонуучу субъекттер;

– өзгөчө коркунучтуу жана карантиндик зыяндуу организмдерге каршы пестициддерди колдонуучу субъекттер;

– мурунку текшерүү процессинде укук бузуулар аныкталган субъекттер;

3) пестициддерди жана агрохимикаттарды сактоо боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди сактоо үчүн атайын кампа жайларына мурда санитардык-эпидемиологиялык корутунду бербеген субъекттер;

– I жана II коркунучтуулук классындагы пестициддерди сактоочу субъекттер;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды көбүрөөк сактаган субъекттер;

– өзгөчө коркунучтуу жана карантиндик зыяндуу организмдерге каршы пестициддерди сактоочу субъекттер;

– мурунку текшерүү процессинде укук бузуулар аныкталган субъекттер;

4) пестициддерди жана агрохимикаттарды ташуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды ушул иштин түрүнө мурда лицензиясыз ташуу боюнча иш жүргүзгөн субъекттер;

– I жана II коркунучтуулук классындагы пестициддерди ташуучу субъекттер;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды көбүрөөк көлөмдө ташууну ишке ашыруучу субъекттер;

– өзгөчө коркунучтуу жана карантиндик зыяндуу организмдерге каршы пестициддерди ташууну ишке ашыруучу субъекттер;

– мурунку текшерүү процессинде укук бузуулар аныкталган субъекттер;

5) пестициддерди жана агрохимикаттарды сатуу боюнча ишти жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– пестициддерди жана агрохимикаттарды сатуу боюнча иштин ушул түрүнө мурда лицензиясы жок иш жүргүзгөн субъекттер;

– I жана II коркунучтуулук классындагы пестициддерди сатуу боюнча иш жүргүзгөн субъекттер;

– пестициддерди жана агрохимикаттарды көбүрөөк көлөмдө сатууну ишке ашыруучу субъекттер;

– мурунку текшерүү процессинде укук бузуулар аныкталган субъекттер;

6) тыюу салынган жана жараксыз пестициддерди жана алардын идиштерин зыянсыздандырууну жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн:

– тыюу салынган жана жарактуу эмес пестициддерди көмүү үчүн чоң идиштери бар субъекттер;

– контролдоо объекттери калктуу конуштардын жанында жайгашкан субъекттер;

– иштин ушул түрүн жүзөгө ашырууда мурда эреже бузуулар аныкталган субъекттер.

102. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча тобокелдик даражасы тобокелдик факторунун даражасына ылайык келген баллды суммалоо жолу менен аныкталат. Баллдын санына жараша текшерүү жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү аныкталат.

Календардык жылда экиден ашык даттануу болгон учурда даттанууларда көрсөтүлгөн тартип бузуу фактылары ырасталган шартта, субъект жогорку тобокелдик даражасына которулат.

Эгерде текшерүүлөрдүн натыйжасында аныкталган бузуулар четтетилбесе, субъект кыйла жогорку тобокелдик даражасына которулат.

Тобокелдик критерийлери боюнча балл жалпы суммалык жыйынтыкты аныктоо үчүн суммаланат, алардын натыйжалары тобокелдиктин тиешелүү даражалары боюнча текшерилүүчү субъекттерди бөлүштүрүү үчүн төмөнкүдөй тартипте пайдаланылат:

1) жогорку тобокелдик тобуна текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 71 жана андан ашык балл топтогон текшерилүүчү субъекттер кирет;

2) орточо тобокелдик тобуна текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 41ден 70ке чейинки балл топтогон текшерилүүчү субъекттер кирет;

3) анча чоң эмес тобокелдик тобуна текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 1ден 40ка чейинки балл топтогон текшерилүүчү субъекттер кирет.

103. Ишкердик субъектинин ишинин таржымалын чагылдыруучу баллдын саны белгилүү бир мезгил ичинде текшерүүлөрдүн жүрүшүндө аныкталган Кыргыз Республикасынын пестициддерди жана агрохимикаттарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын ишкердик субъекти аткарбаган учурлардын санына да жараша болот.

| Субъекттин таржымалы | Балл |
|---|---|
| Акыркы 3 жылда аныкталган учурлар | 20 |
| Акыркы 5 жылда аныкталган учурлар | 30 |
| Акыркы 7 жылда аныкталган учурлар | 50 |

Эскертүү: убакыттын ар бир мезгили үчүн белгиленген балл ушул критерийлердин 102-пунктуна ылайык ишкердик иштин тобокелдик даражасын аныктоонун жүрүшүндө белгиленген баллдын суммасына кошулат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №671***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЛКЫНА МЕДИЦИНАЛЫК РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО ЖАНА АБИЛИТАЦИЯЛОО КӨРСӨТҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын калкына медициналык реабилитациялоо жана абилитациялоо көрсөтүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги белгиленген тартипте алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин жана ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтом тиешелүү министрликтердин жана ведомстволордун бекитилген штаттык бирдиктеринин жана тиешелүү жылга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен ишке ашырылсын.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-октябры, №672***

## Сообщение о существенном факте
## ОАО «МФК «ИнвесКор СА»

**Форма проведения:** Очное голосование
**Место проведения собрания:** г. Бишкек, ул. Коенкозова, д. 75, офис 3
**Дата проведения собрания:** 10 октября 2025 года.
**Председатель собрания:** Баясгалан Далайжамц
**Секретарь собрания:** Куйкеев Эмир Эрикович.
**Кворум** 96,83%.

**ПРИНЯТЫЕ РЕШЕНИЯ**
**Внеочередным общим собранием акционеров:**

1. Функции счетной комиссии возложить на Тентишеву Г. М. представителю ОсОО «Реестродержатель Медина».
2. Признать итоги размещения дополнительной шестой эмиссии акций, осуществлённой в соответствии с решением Общего собрания акционеров от 2 июня 2025 года, завершёнными.
Установить, что по итогам размещения уставный капитал Общества увеличен и составляет 400 000 530 (четыреста миллионов пятьсот тридцать) сомов, общее количество размещенных акций утвердить в количестве 677 967 штук номинальной стоимостью 1 простой акции 590 сомов.
3. Утвердить изменения в Устав Общества, связанные с приведением размера уставного капитала в соответствие с фактически размещённой суммой, и поручить Правлению Общества обеспечить регистрацию данных изменений в установленном законодательством порядке.
4. Провести необходимые процедуры согласования Устава и перерегистрации Общества в уполномоченных государственных органах.
5. Избрать внешним аудитором ОАО «МФК «ИнвесКор СА» на 2025 финансовый год ОсОО «Крестон Бишкек» для аудита финансовой отчетности и аудита информационных систем.

# «МФК «ИнвесКор СА» ААК

### ФИНАНСЫЛЫК АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2025-жылдын 30-сентябрга карата (кошо алганда)
*(миң кыргыз сому менен)*

| | 30.09.2025-ж. | 30.09.2024-ж. | 31.12.2024-ж. |
|---|---|---|---|
| АКТИВДЕР: | | | |
| Акча каражаттары жана банк эсептери | 95 719 | 62 855 | 48 863 |
| Туунду финансы аспаптары | 7 141 | 1 440 | 3 120 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 1 556 463 | 1 247 343 | 1 287 197 |
| Минус: Кардарларга берилген ссудалар жана кредиттер боюнча мүмкүн болуучу жоготууларга кам* | -49 437 | (31 278) | -38 175 |
| Кардарларга берилген кредиттер - нетто | 1 507 026 | 1 216 065 | 1 249 022 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 12 999 | 8 691 | 8 186 |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдер | 734 | 1 201 | 554 |
| Сатуу үчүн арналган узак мөөнөттүү активдер | 21 620 | 6 831 | 9 544 |
| Киреше салыгы боюнча кийинкиге калтырылган активдер | 404 | 761 | 404 |
| Башка активдер | 9 192 | 7 319 | 6 554 |
| ЖАЛПЫ АКТИВДЕР | 1 654 835 | 1 305 163 | 1 326 247 |
| МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ | | | |
| МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | | | |
| Банктардан алынган кредиттер | 445 079 | 209 648 | 244 795 |
| Башка финансылык-кредиттик уюмдардан алынган кредиттер | 543 668 | 748 008 | 639 345 |
| Чыгарылган облигациялар | 181 077 | 91 685 | 180 781 |
| Туунду финансылык милдеттенмелер | 414 | 231 | 221 |
| Учурдагы киреше салыгы боюнча милдеттенмелер | 815 | 2 113 | 3 263 |
| Ижара милдеттенмелери | 927 | 3 164 | 1 900 |
| Башка милдеттенмелер | 18 880 | 18 972 | 15 082 |
| ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | 1 190 860 | 1 073 821 | 1 085 387 |
| Капитал | | | |
| Уставдык капитал | 400 001 | 178 464 | 178 464 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда (чыгым)** | 63 974 | 52 878 | 62 396 |
| ЖАЛПЫ КАПИТАЛ | 463 975 | 231 342 | 240 860 |
| ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ | 1 654 835 | 1 305 163 | 1 326 247 |

### ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ (ЧЫГАША) ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2025-жылдын 30-сентябрга карата (кошо алганда)
*(миң кыргыз сому менен)*

| | 30.09.2025-ж. | 30.09.2024-ж. | 31.12.2024-ж. |
|---|---|---|---|
| Пайыздык киреше | 317 193 | 250 241 | 344 588 |
| Пайыздык чыгымдар | (163 253) | (124 608) | (176 185) |
| БААНЫН ТҮШҮҮСҮНӨ КАМ ТҮЗҮЛГӨНГӨ ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | 153 940 | 125 633 | 168 403 |
| Комиссиялык киреше | 1 144 | 1 217 | 1 753 |
| Комиссиялык чыгымдар | - | (1 471) | (3 188) |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | 1 144 | (254) | (1 435) |
| Соода ишмердигинен таза киреше/чыгаша | (6 385) | - | (2 456) |
| Башка кирешелер | 4 682 | 2 654 | 3 827 |
| Күтүлгөн кредиттик жоготуулар үчүн резервди түзүү | (14 091) | (19 945) | (21 799) |
| Башка мүлк үчүн резервди түзүү | (4 063) | (1 549) | (2 453) |
| Кызматкерлерге кеткен чыгымдар | (51 239) | (33 806) | (45 841) |
| Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин амортизациясы | (3 019) | (1 954) | (2 656) |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдерге амортизация | (2 550) | (1 943) | (2 589) |
| Башка чыгымдар | (10 428) | (11 557) | (22 340) |
| САЛЫККА ЧЕЙИНКИ ПАЙДА | 67 991 | 57 279 | 70 661 |
| Пайда салыгы боюнча чыгымдар | (4 018) | (4 400) | (8 265) |
| ЖЫЛДЫК ПАЙДА | 63 973 | 52 879 | 62 396 |
| Жыл үчүн башка комплекстүү кирешелер | - | | |
| Бир жылдык жалпы жыйынды киреше | 63 973 | 52 879 | 62 396 |
| Бир акцияга карата пайда (сом) | 163,53 | 403,00 | 241,50 |

### АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2025-жылдын 30-сентябрга карата (кошо алганда)
*(миң кыргыз сому менен)*

| | 30.09.2025-ж. | 30.09.2024-ж. |
|---|---|---|
| Операциялык ишмердиктен түшкөн акча каражаты | | |
| Алынган пайыздар | 292 786 | 237 510 |
| Төлөнгөн пайыздар | (191 674) | (71 691) |
| Операциялык кирешелерден жана чыгашалардан таза агылып чыгуулар | (44 604) | (27 899) |
| Төлөнгөн киреше салыгы | (6 889) | (3 561) |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшүнө чейин операциялык ишмердиктен түшкөн акча каражаттары | 49 619 | 134 359 |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшү: | | |
| Кардарларга берилген кредиттердин таза өсүшү | 476 281 | 293 654 |
| Башка милдеттенмелерди алып салгандан кийинки башка активдердин таза өсүшү | (763 599) | (732 995) |
| Операциялык ишмердиктен алынган акча каражаттарынын таза суммасы | (237 699) | (304 982) |
| Инвестициялык ишмердиктен түшкөн акча каражаттары: | | |
| Негизги каражаттарды сатуу | - | - |
| Негизги каражаттарды сатып алуу | (4 359) | (3 351) |
| Инвестициялык ишмердиктен түшкөн акча каражаттарынын таза суммасы | (4 359) | (3 351) |
| Финансылык иштен түшкөн акча каражаттары: | | |
| Чыгарылган акциялар | 158 828 | - |
| Жеке жана юридикалык жактар тарабынан салынган кошумча капитал | - | 50 003 |
| Баалуу кагаздарды сатуудан/ сатып алуудан түшкөн каражаттар | (23 533) | 68 476 |
| Башка финансы-кредиттик мекемелерден алынган кредиттер | 549 270 | 365 270 |
| (Кредиттин кайтарылган суммасы) | (425 372) | (137 523) |
| Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза суммасы | 259 193 | 346 226 |
| Валюталык каражаттардын өзгөрүшүнүн таасири | 29 875 | - |
| Акча каражаттарынын абалындагы таза өзгөрүү | 47 011 | 37 893 |
| Отчеттук мезгилдин башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 48 999 | 25 143 |
| Отчеттук мезгилдин акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 96 010 | 63 036 |

### ӨЗДҮК КАПИТАЛДЫН ӨЗГӨРҮҮЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2025-жылдын 30-сентябрга карата (кошо алганда)
*(миң кыргыз сому менен)*

| Статьялардын аталышы | Акционердик капитал | Бөлүштүрүлбөгөн пайда / (чыгым) | Жалпы капитал |
|---|---|---|---|
| 2023-жылдын 31-декабрына карата | 100 344 | 28 118 | 128 462 |
| Акцияларды чыгаруу | - | - | - |
| Уставдык капиталды көбөйтүүгө багытталган бөлүштүрүлбөгөн пайда | 28 118 | -28 118 | 0 |
| Уставдык капиталды көбөйтүүнүн эсебине түшкөн каражаттар | 50 002 | | 50 002 |
| Жыл ичиндеги жалпы киреше | | 62 396 | 62 396 |
| 2024-жылдын 31-декабрына карата | 178 464 | 62 396 | 240 860 |
| Уставдык капиталды көбөйтүүгө багытталган бөлүштүрүлбөгөн пайда | 62 396 | -62 396 | 0 |
| Уставдык капиталды көбөйтүүнүн эсебине түшкөн каражаттар | 159 141 | | 159 141 |
| Чейрек үчүн пайда | | 63 974 | 63 974 |
| Жыл ичиндеги жалпы киреше | | 63 974 | 63 974 |
| 2025-жылдын 30-сентябрга карата | 400 001 | 63 974 | 463 975 |

**Башкарманын Төрагасы** **АЗАТБЕК уулу К.**

**Башкы бухгалтер** **ОРОЗАЛИЕВА К.З.**

*Сиз "МФК "ИнвесКор СА" ААКсынын финансылык отчеттору жана көрсөткүчтөрү менен "МФК "ИнвесКор СА" ААКсынын каалаган тейлөө түйүнүнөн, ошондой эле төмөнкү сайттан тааныша аласыз:* ***https://invescore.kg***

**(Уландысы 13-бетте)**

(Башталышы 12-бетте)

## МФКнын башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерге олуттуу (тике же кыйыр) таасир тийгизүүчү жактардын тизмеси

**МФКнын фирмалык толук аталышы:** Ачык акционердик коому «Микрофинансылык компания «ИнвесКор СА»
**МФКнын Кыскартылган фирмалык аталышы:** ААК МФК «ИнвесКор СА»
**БФКУнун каттоо номери:** 50642-3300-ЖАК
**МФКнын почта дареги:** Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Коенкөзов көч., 75

| № к/н | БФКУнун 5 жана андан ашык пайыздагы (%) акцияларга (катышуу үлүшүнө) ээлик кылган акционерлери (катышуучулары): Юридикалык жана айкын дарегин көрсөтүү менен юридикалык жактын фирмалык толук жана кыскартылган аталышы/жарандыгын көрсөтүү менен жеке адамдын аты-жөнү | БФКУнун 5 жана андан ашык пайыздагы (%) акцияларга (катышуу үлүшүнө) ээлик кылган акционерлери (катышуучулары): БФКУнун акционерине (катышуучусуна) тиешелүү акциялары (үлүшү) (БФКУнун добуш берүүчү акцияларынын (үлүшүнүн) жалпы санына карата добуштардын пайызы) | БФКУнун башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерине кыйыр түрдө (үчүнчү жак аркылуу) олуттуу таасирин тийгизүүчү жак | БФКУнун акционерлери (катышуучулары) менен БФКУнун башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерине кыйыр түрдө (үчүнчү жак аркылуу) олуттуу таасирин тийгизүүчү жактардын ортосундагы өз ара байланыштар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | "Invescore" БФКИ АК, Монголия, Улан-Батор, 14251, Сухбатор району, 2 хорос, Сеул көч., 10/1, Twin Tower 1, 13-кабат | 92.76% | - | - |
| 2 | Асанакунов Уланбек Исаевич | 5.33% | | |
| 3 | Токтогулов Миррахим Токтогулович | 1.90% | | |

